467

Аң-сезим
Ал-Ваъй
الوعي
Кеңири көлөмдүү фикирий-сакафий журнал

Отуз тогузунчу жыл чыгышы, зуль-хижжа 1446-х. – июнь 2025-м.

Ал-Ваъй сөзү

# Маалымат каражаттары – мамлекеттердин тиреги

Исламдагы каржы түшүнүгү менен капиталисттик жана социалисттик каржы түшүнүктөрүнүн айырмасы (1)

Феминисттик пикирлердин жана уюмдардын үй-бүлөгө жана аялга тийгизген коркунучу

Саясий түшүнүктүн негиздери жана саясий багытты аныктоо (2) (саясий маалыматтар, жаңылыктарды көзөтүү)

Момун адамдын бекем турууга муктаждыгы

Ислам фикрат жана тарикаттан турат

Ар бир камарий айдын биринчи күнү Ливан университетинин мусулман жаштары тобу тарабынан Ливан маалымат министрлигинин 1989-жылы 15-ноябрда берген №166 урухсаты менен чыгарылат

www.al-waie.org subjects@al-waie.org

467

Отуз тогузунчу жыл чыгышы, зуль-хижжа, 1446-х, июнь, 2025-м

# Ушул санда

– ***Ал-ваъй сөзү:*** Маалымат каражаттары — мамлекеттердин тиреги ............ 3
– Феминисттик пикирлердин жана уюмдардын үй-бүлөгө жана аялга тийгизген коркунучу .. 11
– Ислам фикрат жана тарыйкаттан турат.... 22
– Саясий түшүнүктүн негиздери жана саясий багытты аныктоо (2) ............ 37
– Исламдагы каржы түшүнүк менен капиталисттик жана социалисттик каржы түшүнүктөрдүн айырмасы (1) ............ 44
– ***Аалам мусулмандарынын кабарлары*** ..... 58
– ***Куръани Карим сабагында*** ............ 63
– ***Бейиш бактары:*** Абу Убайда Амир ибн Абдуллах ибн аль-Жаррах — бул Үммөттүн амини ............ 67
– ***Соңку сөз:*** Калифорниядагы кагылышуулар: кокустук окуябы же коом ичиндеги ажырымбы? ............ 76
– Дагы бир жолу… ойгонуу маселеси жана динди жашоодон бөлүү ............ 78

НУСКА БААСЫ

Ливан 1000 лира
Яман 30 риял
Түркия 1 доллар
Пакистан 1 доллар
Австралия 2,5 доллар
Америка 2,5 доллар
Канада 2,5 доллар
Германия 2,5 евро
Швеция 15 крон
Бельгия 1 евро
Британия 1 евро
Швейцария 2 франк
Австрия 1 евро
Дания 15 крон

بسم الله الرحمن الرحيم

## МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫ — МАМЛЕКЕТТЕРДИН ТИРЕГИ

**Абу Салим ал-Хасан — Палестина**

Байыркы замандардан бери жалпы элдин аң-сезимин калыптандырууда жана мамлекетке жагымдуу нукка багыттоодо маалымат каражаттарынын ачык-айкын таасири болуп келген. Ошондой эле маалыматтар эл арасында белгилүү бир маселе же ой-пикир боюнча жалпы пикирди түзүүдө маанилүү рол ойногон. Байыркы арабдарда поэзия абдан күчтүү маалымат каражаты болуп, эл арасында чоң урмат-сыйга ээ болгон. Чоң акындардын коомдогу орду жогору болуп, алардын таасиринен кээ бирлери үмүт кылышса, айрымдары корккон.

Канчалаган эл ичинде унчукпай жүргөндөрдү чебер акындын мактоо саптары бийикке чыгарып койгон. Мисалы, Бани аль-Анф, Харам уруусу же «аль-Мухаллак» деп белгилүү болгондор сыяктуу.

Ошондой эле канча деген улуу адамдарды шылдыңдаган ыр саптар алардын кадыр-баркын кетирип, тепсеп койгон. Мисалы, Рабиа, Бани аль-Ажлан, Бани Намир уруусу сыяктуу. Алар көздүн ичинде жаркыраган чоктой эле.

Арабдар уруучулукту өтө жогору баалашчу. Алардын ичинен бир кемчилик же уятка калтырган нерсенин себебинен улам атасынын уруусунан сыймыктанбаганы өтө аз болгон. Маселен, Бани Анф аль-Нака (Төөнүн мурду уруусу) деп шылдыңдалган уруу бир акындын мактоо ырынан кийин көтөрүлүп кетишти. Ал мындай деген:

قوم هم الأنف والأذناب غيرهم ومن يسوي بأنف الناقة الذنبَ

*Алар мурун, башкалар куйрук,*

*Мурунду төөнүн куйругу менен салыштырууга болобу?!*

Ошол сыяктуу эле, Жарир акын Намир уруусун маскаралап жиберип, мурун алар сыймыктанчу уруу болсо да, кийин кадырын түшүрүп салган. Ал мындай деген:

فغض الطرف إنك من نمير فلا كعباً بلغت ولا كلاباً

*Көзүңдү ала кач, сен Намирденсиң,*

*Кааб да боло алган жоксуң, Килаб да боло алган жоксуң.*

Исламга чейин араб жетекчилеринин ар биринин акындары болгон. Алар жетекчилердин иш-аракеттерин, күчүн жана бийлигин поэзия аркылуу даңазалап, душмандарын кемсинтип, күчсүз көрсөтүшкөн. Алардын ырлары эл арасына кеңири тарап, падышалар жана кол башчылар муну каалашкан. Ошондуктан акындарды чоң сый-урмат менен кабыл алышкан.

Хасан ибн Сабит да ушундай акындардын бири болгон. Ал Гассанид падышаларына барып, аларды ырлары менен даңазалап, алардын мал-мүлкүнөн пайдаланып жүргөн. Бирок Ислам келгенде ал өз поэзиясын Аллахтын Элчисине ﷺ кызмат көрсөтүүгө арнап, Исламды коргоп, жайылтууга жана Исламдын душмандарын мазактоого колдонгон.

Пайгамбарыбыз ﷺ айтат:

«اهجوا قريشاً، فإنه أشد عليهم من رشق بالنبل».

**«Курайштарды сындап ырдагыла, анткени бул алар үчүн жебе атуу сыяктуу эле оор».**

Андан соң Ибн Раваханы чакырып айтты: «Сындап ырда». Ал ырдады, бирок Пайгамбарыбыз ﷺ ыраазы болгон жок. Анан Каб ибн Маликти чакырды. Андан кийин Хасан ибн Сабитти чакырды. Ал кирип келгенде айтты:

قد آن لكم أن ترسلوا إلى هذا الأسد الضارب بذنبه.

**«Эми силер мына бул куйругу менен чаба турган арстанды жибере турган убактыңар келди».**

Андан соң тилин чыгарып, аны кыймылдата баштап:

والذي بعثك بالحق لأفرينهم بلساني فري الأديم.

«Сизди Акыйкат менен жиберген Аллахка ант берип айтам, мен аларды тилим менен терини тилгендей тилип салам», - деди.

Ошондо Пайгамбарыбыз ﷺ айтты:

لا تعجل فإن أبا بكر أعلم قريش بأنسابها، وإن لي فيهم نسباً حتى يلخص لك نسبي.

**«Шашылба, анткени Абу Бакр Курайштын насабын (урук-тегин) жакшы билет, менин да аларда туугандарым бар, ошону тактап берсин».**

Хасан Абу Бакрга барды да кайра келип айтты:

يا رسول الله، قد لخص لي نسبك، والذي بعثك بالحق لأسلّنك منهم كما تسلّ الشعرة من العجين.

«Эй Аллахтын Элчиси, насабыңызды тактап бүттүм. Сизди Акыйкат менен жиберген Аллахка ант берип айтам, аларды камырдан кыл сууругандай сууруп саламын».

Айша (разияллаху анха) мындай деди:

«Мен Пайгамбарыбыз ﷺ Хасанга мындай деп айтканын уктум:

«إن روح القدس لا زال يؤيدك ما نافحت عن الله ورسوله»

«Ал-Кудс руху (Жабраил) Аллахты жана Анын Элчисин ﷺ коргоп турганыңча дайыма сени колдоп турат».

Ошондой эле айтты:

«Мен Пайгамбарыбыз ﷺ мындай дегенин уктум:

«هجاهم حسان فشفى واشتفى»

«Хасан аларды сындап ырдады, ошентип оорудан айыгып, көңүлү ток болду». (Муслим риваяты).

Ошондой эле Пайгамбарыбыз ﷺ айрым кафир акындарды да өлтүрүүнү буйруган, анткени алар поэзия аркылуу элге чоң таасир кылышкан. Алардын ичинде Каъб ибн Ашраф жана Мекке фатхы күнү өлтүрүлүшү буйрулган эки аял ырчы да болгон.

Биз жашап жаткан заманда технология абдан ылдам өнүктү. Алгач, заманбап технология доорунун башында маалымат каражаттары мамлекеттин расмий медиалары болгон. Ар бир мамлекеттин радиосу, телекөрсөтүүсү, гезит-журналдары (расмий же жарым-жартылай расмий) болгон. Андан кийин абал өзгөрүп, мамлекеттер колдоо көрсөткөн «көз карандысыз» медиаларга муктаждык күчөдү. Мындан тышкары, социалдык тармактар да атаандаштыкка чыкты, алар күчтүү, бардык чектөөлөрдөн бошотулган, кээде атайын багытталган маалымат каражаттары болуп калды.

Ошентип, мамлекеттердин алдында бул өтө көп жана ар тармактуу маалымат каражаттарын көзөмөлдөө боюнча чоң кыйынчылык пайда болду. Мусулмандар жашаган аймактагы мамлекеттер дээрлик бирдей ыкманы колдонуп, мамлекеттик маалымат каражаттарын сактап өнүктүрүүгө аракет кылышты. Алар башка телеканалдардан жана социалдык тармактардагы платформалардан келип чыккан катуу атаандаштыкка туруштук берүүгө аракеттеништи.

Шексиз, мамлекеттик маалымат каражаттары абдан начарлап кетти же бул атаандаштыкта өтө алсыз болуп көрүнүштү. Себеби мурунку замандарда элге жеткиликтүү болгон маалымат каражаттары дээрлик жок эле, ошондуктан мамлекеттик маалымат каражаттары күчтүү болчу. Ал кезде алар көрөрман, угарман же окурман үчүн дээрлик жалгыз тандоо болчу. Бүгүнкү күндө мамлекеттер өз мамлекеттик маалымат мекемелерине кам көргөнү менен, бул мекемелердин калкка тийгизе турган таасири белгилүү бир чектен ашпасын түшүнүштү. Бул чектин төмөн болушунун себеби, атаандаштык күчтүү жана мамлекеттик маалымат мекемелеринин ишинде расмий структураларга мүнөздүү сенектик жана ашыкча бюрократия, ошондой эле бул мекемелердеги каржылык жана башкаруудагы коррупция, мамлекет башчыларынын эл арасындагы кадыр-баркынын түшүп кеткени орун алган.

Андан кийинки кадам жаңы мыйзамдар аркылуу «көз карандысыз» маалымат каражаттарын эл алдында чыгаруу болду. Бул мыйзамдар

маалымат тармагында белгилүү бир эркиндик берүү үчүн иштелип чыкты жана бул иштерге саясий чөйрөдөгү адамдар жана башка адамдар тартылды. Мындай маалымат каражаттары эл алдында мамлекет менен түздөн-түз байланышпаган, «эркин» болуп көрүнгөн формада көрсөтүлдү жана аларга расмий маалымат мекемелеринен такыр башкача көрүнүш берилип, көзгө көрүнбөгөн «аркан» аркылуу мамлекетке байланып турду.

Мындай маалымат каражаттарынын жаңылык берүүлөрү мамлекеттик маалымат мекемелерине караганда президенттин жана өкмөттүн ишине азыраак көңүл бурат. Алардын программалары көбүрөөк тайманбас, батыл болот, коноктору ар түрдүү катмарлардан болот, кабарчылары көбүрөөк «кесипкөйлүк» менен маалымат булактарына ачык болот, эгер ал маалымат каражаты жаңылык багытындагы болсо.

Эгерде ал көңүл ачуучу жана ар түрдүү багыттагы болсо, анда алар программаларында моралдык чектөөлөрдөн көбүрөөк бошонуп, «ачык» болот, алардын коноктору да, ток-шоулору да, көрсөтүлгөн сериалдар, ырлар, жарнамалар жана фильмдер дагы да көбүрөөк эркин формада болот.

Эгерде диний багыттагы болсо, анда ал программа алып баруучуларында же конокторунда, же алдын ала даярдалган материалдарында (документалдуу болсун, тарыхый же көңүл ачуучу болсун) динге берилгендик жактарын көрсөтөт.

Бул каражаттар кайсы өңүттө болбосун, алар өз мекемелериндеги айрым адамдардын атын чыгарууга, атактуулукка жетишүүгө умтулушат. Бул адамдар башка аймактык же эл аралык каналдарга чакырылып, конференцияларга, медиа фестивалдарына катышып, көбүнчө баяндамачы болуу аркылуу же башка жолдор менен белгилүү болушу мүмкүн. Бул алардын коом арасында кабыл алынышын, эл алдында таасирин күчөтөт.

Бул маалымат каражаты кайсы өңүттө болбосун, анда иштеген адамдар мамлекеттеги башкаруу системасына ыраазы болушат. Алардын ичинен айрымдары башчылардын иштерине наразы болуп көрүнүшү мүмкүн, бирок баары системага ыраазы жана анын чегинен тышкары пикирлөөнү каалашпайт. Мамлекеттин тиешелүү органдары ушул маалымат каражаттарынын баары менен тыгыз байланышта болуп, алардын ишин мамлекеттин жалпы багытына ылайыктап көзөмөлдөп турганы таң калычтуу эмес.

Эгер ушул мамлекеттердин бири өзүнүн маалымат секторун регионалдык деңгээлге чыгара алса, башкача айтканда, аудиториясы ошол аймакта — өз өлкөсүнүн ичинде гана эмес — кеңейсе, анда бул

мамлекет региондо олуттуу жетишкендикке жеткен болуп эсептелет. Ошондой эле ал бул ийгилиги менен Батыштагы кожоюндарынын алдында өзүнө аймактык орунду камсыз кылат.

Бул тармактар ар бир үйгө кирип, баарынын көңүл борборуна айланды. Алар элдин жалпы катмарында чоң кызыгуу жаратты, демек, адамдарга таасир кылууну каалаган ар кандай тарап үчүн маанилүү аянтчага айланды. Мына ошондуктан бул тараптар (анын ичинде өлкөнү башкарган режимдер) платформаларды, ютуберлерди, блогерлерди, баракчаларды жана башка көптөгөн медиа каражаттарын түзүштү. Бул режимдер социалдык тармактарды элге таасир кылууда түздөн-түз ага байланган терезе катары колдонуп гана тим болбостон, иштеп жаткан башка бардык терезелер менен да байланыш түзүп, элдин аң-сезимин башкаруу боюнча жалпы саясаттан чыгууга жол бербөөгө аракет кылышты. Бирок социалдык тармактарда режимдерге көзөмөл жүргүзүүнү татаалданткан коопсуздук жактан алсыз жерлер бар. Бул алсыз жактар эки багытта кездешет:

Биринчиси: айрым тараптар бар, алар түздөн-түз колдоочулар да, каршы чыккандар да эмес, бирок жалпы режимге каршы болуп, аны өзгөртүүгө умтулгандар. Бул тараптардын платформаларындагы маалыматтарды мамлекеттер көзөмөлдөй алышпайт. Себеби алардын элге тийгизген таасиринин бир бөлүгү учурдагы режимдер куруп жаткан жалпы (рай ъам) аң-сезимди бузуп, элдин жалпы аң-сезиминде жаңы багыт түзүүгө багытталган. Ошондуктан мамлекеттер тарабынан бул платформалардын элге тийгизген таасирин чектөө үчүн жасалган негизги аракеттер сайттарды бөгөттөө болду. Бирок бул чаралардын аларга тийгизген таасири алсызыраак болуп чыкты.

Экинчиси: элдин жеке баракчалары жана сайттары. Бул жерлерде адамдар пикирлерин эркин билдиришет. Алардын ичинде учурдагы режимдерди кабыл албаган тараптарды колдогон адамдар да бар. Эл жалпы эле өз баракчаларында жазууда жана сүйлөөдө мурдагыдан тайманбас болуп калды. Бул нерсе мамлекеттер үчүн чоң коркунуч жаратты. Бул боштукту (медиа тармагындагы мүчүлүштүктү) жабуу үчүн режимдер коопсуздук чараларын күчөтүштү. Мисалы, «кибер коопсуздук» мыйзамдарын кабыл алуу, коопсуздук күчтөрү аркылуу куугунтуктоо сыяктуу ыкмаларды колдонушту. Ушул бардык чаралар, медиа каражаттары жана социалдык тармактардагы активдүү баракчалар менен түзүлгөн байланыштар аркылуу биздин өлкөлөрдөгү режимдер элдин жалпы аң-сезиминин багытын көзөмөлдөөчү, кризистер учурунда элдин туйгуларын режимге зыян тийгизбеген жакка багыттоочу жана режимдердин саясатына кызмат кылуучу, алардын сакталышын камсыз кылуучу маалыматтык тутумду курушту.

Ошондой эле, бул тутум башка сакафий багыттарды, өздөрү үчүн коркунучтуу деп эсептеген, режимди кулатуучу идеяларды жок кылууга багытталган. Бул медиа системасынын таасири Газадагы согушта («Аль-Акса ташкыны» операциясында) даана көрүнүп калды. Ошондо маалымат каражаттары эки бөлүккө бөлүндү. Биринчи бөлүк — Газадагы каршылык көрсөтүү кыймылын колдогон же маалымат чагылдырууда ага жан тарткан маалымат каражаттары. Экинчи бөлүк — ага карама-каршы көз карашты карманган, кээде бул ачык айтылбаса да, ошондой багытты тандаган маалымат каражаттары.

Көпчүлүк эл экинчи топтогу маалымат каражаттарынан баш тартып, биринчи топко ыктап кетишти. Бул топко жергиликтүү да, регионалдык да маалымат каражаттары кирди. Эки топ тең, айрыкча биринчи топ, төмөнкү багытта иш алып барды:

— Газадагы мужахиддердин аскердик аракетин чоң, күчтүү, яхудийлердин аскер күчүнө туруштук бере ала тургандай жана эч кандай кошумча аскердик жардамга муктаж эмес кылып көрсөтүштү.

— Болгону, алардын артында душманды алаксытып, тикелей согушка кирбеген фронттор болсун деп сүрөттөлдү. Чындыгында болсо, яхудийлер Газадагы согушта өздөрүнүн бардык күчүн салган жана АКШ, Европа, араб өлкөлөрү жана башка аймактардан колдоо сурап, алардан курал-жарак, жабдуу, ал тургай кээде адам күчү түрүндө жардам алышкан.

Ушунун натыйжасында көрөрмандар Газа яхудийлерди толук жеңишин күтүп, алардын аскер күчүн талкалайт деп ойлошту. Бирок согуш узарып, өлүм жана кыйроо көбөйгөн сайын, элдин жүрөгүндө үмүтсүздүк пайда боло баштады.

— Элдин көңүлүн жана сезимин Газанын муктаждыгын аскердик эмес, гуманитардык муктаждык катары кабылдоого бурду.

— Элдин көңүлү кыйроо көрүнүштөрүнө, чатырлардагы жашоого, качкындарга, ачарчылыкка, көчөдө калган шейиттердин денелерине бурулду.

Бул эл үчүн чоң сокку болду, анткени алардын сезимдери чын жүрөктөн чыккан эле. Медиалар бул багытты абдан чебердик менен колдонуп, элди жардам жиберүүгө үндөштү. Бирок бул жардамдар курал-жарак же коргонуу каражаттары эмес, ачарчылыкты же муктаждыктарды жабууга багытталды жана алар да кылмышкерлердин уруксаты жана көзөмөлү менен гана жетип жатты. Эл Газаны коргой турган реалдуу жардам жөнөтүүнүн ордуна, дуба кылууга жана гуманитардык жардам жиберүүгө багытталды. Ошентип, бул маалымат каражаттары элди кризистин белгилерин жеңүүгө үндөп, анын чыныгы тамырын чечүүгө үндөгөн жок.

Бул маалымат каражаттары адамдарды Палестин элин коргоо үчүн армияларды кыймылга келтирүүдөн алыстатып жиберишти. Чынында Палестинадагы кризис, бул аскердик кризис, жана ага аралашууга биринчи кезекте аскерий адистер, бул аймактагы армиялар тийиштүү болчу. Бирок бул медиа каражаттарынын кожоюндарына жана аларды колдогон режимдерге мындай багыт кереги жок эле, тескерисинче, бул багыт тыюу салынган болчу. Мунун өзү согуштун башында эл арасында эң күчтүү сунуш болгон. Газадагы согушка армиялардын аралашуусун талап кылууга социалдык тармактардагы элдин баракчалары жана аймактагы режимдерге нааразы болгон тараптар да салым кошушкан. Бирок бул режимдер өз медиа системасынын жардамы менен элди бул жолдон кайтарып жибере алышты.

Бул маалымат каражаттары элди ар кандай «саясий чечимдерге» ишендирүүгө жардам берди. Мисалы, аймакка сапар кылган делегациялар элге кандайдыр бир жеңилдик алып келет деп көрсөтүштү. Натыйжада, аймактагы зулумкор кылмышкер мамлекет башчыларына кадыр-барк пайда болду. Эл унутулду, чыныгы жеңилдик сага каршы душманыңды колдогон зулумкорлордон келбейт. Чыныгы жеңилдик кризистерди чечүүдө Аллахтын буйругун аткарууда гана бар.

Согуш бүткөнчө эл Аллахка дуба кылып кайрылды. Бирок залим режимдер жана алардын маалымат каражаттары элди Катар, Египет, Америка жана башка делегациялардан жеңилдик күтүүгө ынандырды. Газадагы согуш маалында элдин маалымат каражаттарына болгон байланышы ачык көрүнүп турду. Айрыкча түз эфирлерди жана шашылыш кабарларды көп берген социалдык тармактарга кызыгуусу абдан күчтүү болду. Мамлекеттик маалымат мекемелеринин алсыздыгы да даана көрүнүп калды. Аймактагы өзгөрүү үчүн аракет кылып жаткандарга абдан баалуу сабак болду. Алар маалымат каражаттарынын элге тийгизген таасирин эч качан унутпаш керек.

Жакында, Аллах буюрса, курула турган Ислам мамлекетинде расмий маалымат мекемесинин колун боштондукка чыгаруу керек болот. Бул мекемени саясий жана маалымат тармагын жакшы билген жаңы жетекчилер башкарат. Ошондой эле бул мекемени кайрадан түзүп, анын түзүмүн Исламды колдонууга жана жайылтууга негизделген жалпы максаттарга кызмат кылгыдай кылып уюштуруу зарыл.

Мамлекеттин аймагында иш алып барган башка бардык маалымат каражаттары да Ислам тутумунун негизинде кайра уюштурулуп, аларга мамлекеттин жалпы саясаттары, маалыматты жөнгө салган мыйзамдар жана ошол учурдагы коомдун жалпы көрүнүшү тууралуу маалымат берилет. Мындан тышкары, бул каражаттардан туруктуу көзөмөлдү алып салып, мамлекеттин органдары, өзгөчө коопсуздук органдары

менен түз байланыш түзүлөт. Бирок муну менен катар, Ислам мамлекети саясатынын так аткарылышын камсыз кылган катаал мыйзамдар жана тартип сакталат.

Жакынкы Чыгыш аймагында азыр чоң башаламандык өкүм сүрүп жатат. Биз Аллах Тааладан ушул башаламандык улуу Ислам мамлекети болгон рашид Халифалыктын курулушу менен аякташын, аны башкаргандарга жардам беришин сурайбыз. Үммөттүн жашоосундагы ар бир тармак, анын ичинде маалымат тармагы да кайрадан туура багытка салууну талап кылууда. ❑

# ФЕМИНИСТТИК ПИКИРЛЕРДИН ЖАНА УЮМДАРДЫН ҮЙ-БҮЛӨГӨ ЖАНА АЯЛГА ТИЙГИЗГЕН КОРКУНУЧУ

Бүгүнкү күндө феминизм идеясы бүткүл дүйнө жүзүнө, анын ичинде Ислам дүйнөсүнө да кеңири жайылып, жыныстар ортосундагы теңдик, аялдарды жек көрүүгө (мизогиния) каршы күрөшүү, эркектердин үстөмдүгүнө жана бийликтин позициясына каршы чыгуу сыяктуу ураандар менен коштолууда. Бара-бара феминисттик активисттер муслима аялдардын арасында да орун ала баштады. Мусулман өлкөлөрүнүн көптөгөн жетекчилери феминисттик кыймылдарга колдоо менен жооп берип, анын идеяларын мамлекеттин саясатынын бир бөлүгүнө айлантышты.

Мисалы, Иорданияда 2022-жылдын январь айынын акырында парламент Конституцияга өзгөртүү киргизүүнү кабыл алган. Ал өзгөртүүлөрдүн алтынчы беренесинде «Иорданиялыктар мыйзам алдында бирдей, алар расасына, тилине же динине карабастан, укук жана милдеттерде айырмаланбайт» деп жазылган. Мурунку берене болсо жөн гана «иорданиялык жарандар» деп белгиленген болчу. Бул өзгөртүү өкмөттүн 2030-жылга чейин жыныстар ортосундагы теңдикке жетүү расмий максатына ылайык жүргүзүлгөн.

Феминисттик идеялардын Ислам дүйнөсүндө жайылышы феминисттер жана Батыш мамлекеттери үчүн өтө маанилүү жана стратегиялык маселе болуп эсептелет. Анткени дүйнө жүзүндөгү муслима аялдардын саны болжол менен 800 миллионго жетет. Феминисттик уюмдардын айрымдары Жакынкы Чыгышта, көбү болсо Азияда жана Индияда иш жүргүзүп келет. Албетте, Ислам дүйнөсүндө бул феминисттик тармактын жайылышын Үммөттүн Исламды түшүнүүсүнүн начарлашынан ажыратып кароо мүмкүн эмес. Исламий пикирлөөнүн начарлашынан улам аялдарды коргоо жана кам көрүүнүн ордуна аларга жаман мамиле кылуу көбөйүп, аялдарды жек көрүү жана эркектердин аялдарга зулуму күчөгөн. Мунун Исламга эч кандай тиешеси жок, бул көрүнүштөр айрым жергиликтүү салттар жана сакафий окутуулар менен аралашып, жалган түрдө Исламга таандык деп көрсөтүлүп, натыйжада аялдар жабыркашат.

Жакынкы мезгилге чейин бир катар Ислам өлкөлөрүндө аялдардын мектептерде жана университеттерде окуусуна тыюу салынып келген. Ошондой эле аялдардын мамлекеттик сектордо иштөөсүнө, мисалы, билим берүү тармагында, базарларда, мамлекеттик кызматта иштөөсүнө же саясий иш-чараларга жана башка тармактарга катышуусуна тыюу салынган. Батыштагы башчылар, БУУ жана феминисттер бул чындыкты колдонуп, Ислам аялды начар абалда кармайт, Исламдын окутуулары

аялдарды жек көрүүнү камтыйт, Ислам эркектин үстөмдүгүн актап, эркекти аялдын башчысы кылат деп көрсөтүүгө аракет кылышты. Натыйжада аялдын абалы эркектин деңгээлинде эмес деп чагылдырылды.

Исламды түшүнүүнүн начарлашынан улам айрым адамдар Ислам окутууларынан алыстоого умтулуп, Ислам аял үчүн коопсуз жер эмес деген ойдо болушту. Алар Исламды эркектин үстөмдүгүн, аялдарды жек көрүүнү, зомбулук мамилени жана жыныстык дискриминацияны жараткан система катары көрө башташты. Акырында, аялдар жана коом феминисттик идеяларды кабыл алып, феминисттер программалаштыргандай жыныстар ортосундагы теңдикти талап кыла баштады.

Бул феминисттик төңкөрүш Ислам дүйнөсүндө Батыштагы феминисттик топтор тарабынан колдоо тапты жана дүйнө жүзү боюнча жаңырып турду. Иранда, Афганистанда жана башка Ислам өлкөлөрүндө аялдарга каршы зомбулук учурлары Исламга каршы чабуул жүргүзүүгө шылтоо катары колдонулду. Феминисттер бир катар мусулман аялдарын Ислам дүйнөсүндөгү репрессивдүү саясаттан азат болуу кыймылынын символу катары көтөрүп чыгышты. Бара-бара бул феминисттик кыймыл муслима аялдар арасында өз ордун таба баштады.

Феминисттик активисттер бул абалды «аялдардын араб жазы» деп аташат жана Сауд Арабиясын аялдар үчүн көбүрөөк ачык болгон жаңы сакафатка эшигин ачкан Жакынкы Чыгыштагы мамлекеттердин мисалы катары көрсөтүшөт. Бул өлкө мурда аялдарга унаа башкарууга тыюу салган болсо, эми аларга унаа айдоого уруксат берип гана калбастан, эркектер менен аялдар аралашкан концерттерди, музыкалык шоуларды жана ири масштабдагы иш-чараларды өткөрүүгө да жол ачты. Ошондой эле Сауд Арабиясы аялдарды мындан ары баштан бутка чейин жабуучу узун кийим кийүүгө милдеттендирбей турганын жарыялады. 2021-жылы Жидда шаарында Кызыл деңиз жээгинде «Пьюр-Бич» пляжы ачылып, Сауд Арабиясындагы аялдар бикини кийе алган алгачкы пляж болуп калды.

**БУУ жана Батыш мамлекеттеринин ролу**

Ислам өлкөлөрүндө феминисттик пикирлөөнүн өнүгүшүнө көмөктөшкөн дагы бир фактор — бул Батыш мамлекеттеринин толук колдоосу. АКШ, Англия, Германия сыяктуу Батыш мамлекеттери жана БУУ сыяктуу эл аралык уюмдар феминисттик түшүнүктөрдү ар кандай мамлекеттер аралык кызматташуу программалары аркылуу Ислам дүйнөсүнүн жүрөгүнө киргизүүгө аракет кылышты. БУУ феминисттик кыймылды колдогон программаларга абдан чоң каражаттарды сарптады. 2023-жылы БУУ бул максатта жыл сайын кошумча 360

миллиард АКШ долларына чейин каражат бөлгөн. Бул бюджет жыныстар ортосундагы теңдикти жана аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнү камсыздайт, 2030-жылга чейин глобалдык деңгээлде күтүлгөн негизги максаттар үчүн зарыл деп эсептелет.

Бул глобалдык негизги максаттар «Туруктуу өнүгүү максаттары боюнча жетишилген ийгиликтер: 2023-жылдагы гендердик перспективалык баяндама» деп аталган отчетто аныкталган. Бул отчет БУУнун аялдар боюнча агенттиги менен Экономикалык жана социалдык иштер департаменти тарабынан бирге даярдалган.

2024-жылдын март айында Бириккен Улуттар Уюму Сауд Арабиясын БУУнун Аялдардын абалы боюнча комиссиясындагы аялдардын укуктары жана жыныстар ортосундагы теңдик форумунун төрагалыгына тандады. Сауд Арабиясынын маалымат агенттиги билдиргендей, «БУУнун Аялдардын абалы боюнча комиссиясы 2025-жылдагы 69-сессиясында Сауд Арабиясын бир добуштан төрага кылып шайлоону чечти».

Аялдардын укуктарын коргогон бир катар уюмдардын кескин каршылыгына карабастан, Сауд Арабиясы жаңы улуттук көз карашына ылайык, БУУнун Аялдардын абалы боюнча комиссиясы менен кызматташууга кызыктар экенин ырастаган. Сауд Арабиясынын маалымат агенттиги «Сауд Арабиясынын бул комиссияга төрагалык кылуусу — аялдардын укуктарын чыңдоого жана алардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө багытталган эл аралык коомчулук менен кызматташууга болгон кызыгуусун тастыктаган кадам» деп жарыялады.

Ошондой эле, феминисттик укуктарды коргогон бейөкмөт уюмдар Ислам өлкөлөрүндө барган сайын көбөйүп жатат. Тунистте 1993-жылы түзүлгөн Араб аялдарын окутуу жана изилдөө борбору (Кавтар) феминисттик идеяларга байланыштуу изилдөөлөрдү жүргүзүү, окутуу, социалдык тармактарды куруу жана жактоо иштерин жүргүзөт. Ливанда «Кифая» (Зомбулук жана эксплуатацияга каршы) уюму түзүлгөн. Мисирде «Аялдарды өнүктүрүү жана колдоо ассоциациясы» негизделген. Иорданияда 1970-жылдан бери иштеп келе жаткан «Иорданиядагы араб аялдар ассоциациясы» бар. Бириккен Араб Эмираттарында болсо «Дубайдагы аялдар жана балдарды колдоо фонду» түзүлгөн. Бул уюм аялдар менен балдарды камкордукка алуу жана коргоо үчүн расмий уруксат алган Бириккен Араб Эмираттарындагы биринчи гуманитардык коммерциялык эмес борбор болуп эсептелет.

Ошондой эле «Исламдык руханийлик жана теңдик боюнча аялдар демилгеси» (WISE) деген уюм бар, ал жыныстар ортосундагы теңдикти Ислам ишениминдеги негизги баалуулук катары жайылтууга

багытталган. Бул болсо, бул укуктарды четке кагуу диний принциптерди бузуу болуп эсептелерин билдирет.

WISE 2006-жылы Нью-Йорк шаарында түзүлгөн, дин негизиндеги глобалдык тармак жана социалдык адилеттүүлүк кыймылы катары 25 аймактан келген 200дөй көрүнүктүү мусулман активист жана лидерлер тарабынан негизделген. WISE Мисирде иш алып барган. Пакистанда WISE «Бедари» (Bedari) уюму менен биргеликте үй-бүлөлүк зомбулук тууралуу маалымат берүү кампанияларын жүргүзгөн. Афганистанда болсо WISE «Нур билим берүү жана мүмкүнчүлүктөрдү өнүктүрүү уюму» (NEDCO) менен кызматташып, имамдарга аялдардын укуктары боюнча окутуу иштерин жүргүзгөн.

Африка континентинде, тактап айтканда Мароккодо «Марокконун демократиялык аялдар ассоциациясы» (ADFM) түзүлгөн. Бул уюм аялдардын укуктарын жана алардын стратегиялык кызыкчылыктарын коргоого, ошондой эле эркек менен аялдын ортосундагы теңдикти, жыныстык адилеттүүлүктү жана айлана-чөйрөнү коргоону алга жылдырууга багытталган. Бул бейөкмөт уюмдар аялдардын жана жалпы коомдун арасында феминисттик идеяларды сиңирүүгө аракет кылышат. Алар социалдык тармактар, блогдор, веб-сайттар, түз өткөрүлгөн семинарлар жана ачык талкуулар аркылуу, ошондой эле телекөрсөтүү жана интернет медиа аркылуу өз пикирлерин жайылтышат.

Шексиз, Ислам дүйнөсүндөгү аялдар кыймылынын негизги багыттоочу түшүнүгү — бул Батыш идеологиясынын түшүнүгүндөгү адам укуктары. Ага ылайык, ар бир адам, аял же эркек болобу, тандоо укугуна жана бирдей мамилеге ээ болушу керек. Эч ким, анын ичинде дин да, мажбурлоо же коркутуу укугуна ээ эмес, анткени динди кабыл алуу адам укуктарынын бир бөлүгү катары каралат жана ал ыктыярдуу, милдет эмес. Ошентип, феминисттер өздөрү сыймыктанган ишти, Ислам окутууларын кайра түшүндүрүү же кайра түзүү аракетин жасап жатышат. Анын максаты, аялдарга адам укуктарын камсыз кылуу. Себеби, феминисттер Ислам окутууларында көптөгөн жыныстык дискриминация бар деп шектенишет. Алардын оюу боюнча, эл үчүн чоң эмгектерди жана мурастарды жараткан аалымдар аял укуктарын бузган эркектин үстөмдүк менталитетин киргизишкен, ошондуктан бул эмгектерди аялдардын укуктары үчүн кайрадан түзүп чыгуу зарыл деп эсептешет.

Алардын пикиринде, кийим жөнүндө мыйзамдарды, мураска байланыштуу жоболорду, аялдардын укуктары менен милдеттерин, көп аял алууну, аялдын мамлекет башчысы болушуна тыюу салууну жана башка ушул сыяктуу мыйзамдарды кайрадан карап чыгуу керек. Мунун баары аялдардын кызыкчылыгы үчүн жүргүзүлөт деп эсептешет.

Феминисттер таянып жаткан таъвиль (интерпретациялык) ыкма боюнча, диний окутуулар субъективдүү болуп, объективдүү эмес. Ошондуктан, алардын түшүнүгүндө диний чындык салыштырмалуу (нисбий) болуп, абсолюттуу (мутлак) эмес.

**БУУ: ЛГБТИ коомунун адам укуктары**

Батыш дүйнөсү «адам укуктары» деген шылтоо менен ЛГБТИ (лесбиянка, гей, бисексуал, трансгендер жана интерсекс) маданиятын Ислам дүйнөсүнө күч менен киргизүүгө аракет кылып келет. Бул багытта БУУ ЛГБТИ коомун жактоо боюнча алдыңкы үн болуп эсептелет.

2015-жылдын октябрь айында БУУнун Башкы Ассамблеясынын жыйынынын алкагында, БУУга караштуу он эки агенттик лесбиянкаларга, гейлерге, бисексуалдарга, трансгендерлерге жана интерсекс адамдарга (LGBTI) карата зордук-зомбулукту жана дискриминацияны токтотууга чакырышкан жана аларды коргоо боюнча чараларды белгилешкен.

БУУга мүчө болгон 193 өлкөнүн ичинен, болгону 76 өлкө ЛГБТИ коомунун укуктарын кабыл албайт. Ошол эле учурда, дүйнөнүн 20 өлкөсүндө бир жыныстуу нике мыйзамдуу болуп саналат. БУУнун Адам укуктары боюнча жогорку комиссарынын башкармалыгындагы эл аралык маселелер бөлүмүнүн башчысы Чарльз Радклифф бул чечимди чоң жеңиш деп сүрөттөп, мындай деген: «Бул — БУУ агенттиктеринин берилгендигининин көрүнүшү жана дүйнө жүзүндөгү өкмөттөрдү гомосексуалдарды жана жыныстык идентификациясы ар башка адамдарга карата коркуу-зомбулукка, дискриминацияга жана укук бузууга каршы көбүрөөк аракеттенүүгө чакырган күчтүү үн».

БУУ Ислам өлкөлөрүн да сынга алган, алар дагы эле гомосексуалдарды каралоо менен алек болуп жатышат деп эсептейт. Мисалы, 2019-жылы БУУ Бруней өкмөтүн гомосексуалдарга өлгөнчө таш бараңга алуу жазасын киргизгени үчүн айыптаган. БУУнун Башкы катчысы Антониу Гутерриш мындай деген: «Брунейде кабыл алынган мыйзамдар ачык-айкын жарыяланган принциптерди бузат».

Ислам өлкөлөрүнүн бардыгы өз Конституцияларында ЛГБТИ коомунун иш-аракеттерине тыюу салганына карабастан, айрым Ислам өлкөлөрүндө алардын бар экенине кайдыгер мамиле жасалат. Мисалы, Индонезия гомосексуалдар, лесбиянкалар, бисексуалдар жана трансгендерлердин никесин таанызбайт, бирок гомосексуал коом эркин жүрүшөт, жыйын өткөрүшөт, кеңешме жана чакырыктарды уюштурушат. Милиция бир нече жолу гей кечелерди басып кирген, бирок олуттуу укуктук чаралар көрүлгөн эмес.

Мисирде болсо, «Сүйүүчүлөрдүн ассоциациясы» деген бейөкмөт уюмдун маалыматына ылайык, миңдеген гомосексуалдар бар, алардын көпчүлүгү Каирде жашашат. Бул шаарда гомосексуалдардын саны башка провинцияларга салыштырмалуу эң жогору, болжол менен 7 миң адам деп бааланат.

**Коркунучка каршы туруу**

Феминисттик кыймыл да, ЛГБТИ кыймылы да шексиз Ислам шариатына карама-каршы келет. Мындан тышкары, экөө теӊ адамдардын жашоосуна коркунуч туудурат. Ислам дини феминисттик кыймылга да, ЛГБТИ кыймылына да эшигин жапканы толугу менен чындык.

АКШнын өзүндө эле ата-энелер мектептердеги ЛГБТИ пропагандаларына каршы чыгууда, анткени жынысын өзгөртүүгө азгырылып, операция жасаткан өспүрүмдөр кийин депрессияга түшүп, өкүнүп, чоңдордун азгырыгы менен трансгендер болуп калгандарын мойнуна алышууда.

Ислам шариаты эркек менен аялдын ортосундагы мамилени алардын жаралыш максатына ылайык тартипке салган. Аллах Таала айтат:

﴿وَمِنْ آيَاتِهِ أَنْ خَلَقَ لَكُم مِّنْ أَنفُسِكُمْ أَزْوَاجاً لِّتَسْكُنُوا إِلَيْهَا وَجَعَلَ بَيْنَكُم مَّوَدَّةً وَرَحْمَةً إِنَّ فِي ذَٰلِكَ لَآيَاتٍ لِّقَوْمٍ يَتَفَكَّرُونَ﴾

***“Анын аян-белгилеринин*** *(дагы бири)* ***– Ал Зат силер бирге турушуңар үчүн өзүңөрдөн жуптарды жаратышы жана ортоңордо мээрим жана сүйүү пайда кылышы. Албетте мында пикирлеген коом үчүн аят-үлгүлөр бар”.*** (Рум: 21).

﴿يَا أَيُّهَا النَّاسُ اتَّقُوا رَبَّكُمُ الَّذِي خَلَقَكُم مِّن نَّفْسٍ وَاحِدَةٍ وَخَلَقَ مِنْهَا زَوْجَهَا وَبَثَّ مِنْهُمَا رِجَالاً كَثِيراً وَنِسَاءً ۚ وَاتَّقُوا اللَّهَ الَّذِي تَسَاءَلُونَ بِهِ وَالْأَرْحَامَ ۚ إِنَّ اللَّهَ كَانَ عَلَيْكُمْ رَقِيبًا﴾

***«Эй, инсандар! Силерди бир жандан*** *(Адамдан)* ***жараткан жана андан жубайын*** *(Обону)* ***пайда кылган о.э. ал экөөнөн көп эркек жана аялдарды тараткан Роббиңерден корккула! Дагы араңардагы суроо-жооптордо ортого наамы салына турган Аллахтан корккула жана тууган уругуңар*** *(менен ажырашып кетүүдөн сактангыла)**. Албетте Аллах үстүңөрдө күзөтүүчү болгон Зат».*** (Ниса: 1).

Феминисттик жана ЛГБТИ кыймылдары дүйнө жүзү боюнча инсаний, руханий, ахлакый баалуулуктарды кыйратууга, социалдык системага, айрыкча үй-бүлөгө зыян келтирүүгө багытталган. Аялдардын абалын жакшыртабыз деп доомат кылган феминисттик кыймылдар түпкүлүгүндө аялдарды дагы да депрессияга салууда. Үйдөн сыртка чыгып, «өзүн өзү башкаруу» үчүн иштеген көптөгөн аялдар сексуалдык зомбулукка, депрессияга, үй-бүлөлүк ажырашуууга дуушар болушууда.

Аллах Таала бизди мунун баарынан эскерткен эмеспи?! Адамдар Аллахтын буйруктарын жана тыюуларын бузганда, алар өздөрү жасап алган кыйроонун курмандыгы болушат. Аллах Таала айтат:

﴿ظَهَرَ الْفَسَادُ فِي الْبَرِّ وَالْبَحْرِ بِمَا كَسَبَتْ أَيْدِي النَّاسِ لِيُذِيقَهُم بَعْضَ الَّذِي عَمِلُوا لَعَلَّهُمْ يَرْجِعُونَ﴾

***“Адамдардын өздөрү кылган кылмыштары себептүү кургактыкта да, деңизде да,*** *(түрдүү)* ***апаат-балээлер пайда болду.*** *(Бул балээ жана апааттар адамдар кылып жаткан күнөөлөрүнөн)* ***кайтуусу үчүн, аларга*** *(өздөрү)* ***кылган айрым күнөөлөрүнүн*** *(жазасын)* ***таттырып коюу үчүн*** *(жиберилген)****”***. (Рум: 41).

Төмөндө дүйнө жүзүндөгү феминисттик жана ЛГБТИ кыймылдарынын аялга жана коомго тийгизген кооп-коркунучтарынын айрымдары келтирилген:

**– Үй-бүлөлүк түзүлүштү кыйратуу**

Феминисттик жана ЛГБТИ кыймылдары коомдо үй-бүлөдөгү ынтымакты жок кылууга алып келди. Көптөгөн аялдар аял күйөөсүнө баш ийүүгө же анын көзөмөлүнө чектелбеши керек деген түшүнүккө ээ боло башташты. Ошондой эле, көптөгөн аялдар үй-бүлөнү башкарууда, анын ичинде тиричилик иштеринде эркектер менен бирдей укукка ээбиз деп эсептей башташты.

Андан тышкары, кээ бир аялдар кош бойлуу болуудан, эмизүүдөн жана балдарды тарбиялоодон баш тартып жатышат, анткени алар муну өз укугубуз деп эсептеп, милдет эмес деп кабыл алышууда. Мындай абал үй-бүлөнүн ичинде көптөгөн жаңжалдарды жаратууда. Башка жагынан алып караганда, бул көптөгөн аялдарды үйлөнүүдөн мурун эки жолу ойлонууга мажбурлоодо, анткени алар феминисттик түшүнүк боюнча өз укуктарын жана милдеттерин толук аткарууга шектенип жатышат.

**– Үйлөнүү жана төрөт көрсөткүчтөрүнүн төмөндөшү**

Көптөгөн өлкөлөрдө үйлөнүү көрсөткүчтөрү кескин төмөндөдү. Мисалы, Индонезияда 2023-жылы үйлөнүү көрсөткүчү абдан төмөндөп, болгону 1,57 миллион нике катталган, ал эми 2022-жылы бул көрсөткүч 1,7 миллион болчу. 2023-жылдагы көрсөткүч 1998-жылдан бери эң төмөнкү көрсөткүч болуп калды.

Экономикалык факторлордон тышкары, көптөгөн эркектер жана аялдар үйлөнүүнү кечеңдетип же такыр эле баш тартып жатышат. Алардын ою боюнча, нике маанилүү эмес, ал тургай нике билим алууга, кесиптик өсүшкө жана өзүн-өзү башкарууга тоскоолдук болушу мүмкүн.

Баарынан жаман жагы, зынаа кылуу учурлары көбөйүүдө. Индонезиядагы миңдеген студенттер никеге байланыштуу окуудан бошотуу тууралуу арыз беришкен. Мунун негизги себеби, никесиз

жыныстык байланыштар, андан келип чыккан кош бойлуулук, андан тышкары, аборттун таасири жана жыныстык жол менен жугуучу оорулардын жайылышы.

**– Иштеген аялдар арасындагы чыңалуу жана сексуалдык ыдык көрсөтүү**

Феминисттик кыймылдар аялдарды үйдөн тышкары иштөөгө шыктандырып, ошол эле учурда иштеген аялдар үчүн чоң коркунучтарды жаратты. Gallup агенттигинин 2021-жылдагы отчетуна ылайык, жумуш ордундагы стресстен аялдар эркектерге караганда көбүрөөк жабыркайт, бул көрсөткүч 54% га жеткен.

Ошондой эле, PBS NewsHour, NPR жана Marist фондунун жүргүзгөн сурамжылоосуна ылайык, иштеген аялдардын үчтөн бири жумуш ордунда сексуалдык ыдыкка кабылат. Мындан тышкары, Stop Street Harassment аттуу бейөкмөт уюм 2021-жылдын январында онлайн сурамжылоо өткөрүп, анын жыйынтыгында иштеген аялдардын 81% жумуш ордунда сексуалдык кысымга дуушар болгонун аныктаган.

**– Жыныстык жол менен жугуучу оорулардын жыныс рагынын жайылышы**

Көптөр бул фактты четке какса да, гомосексуалдар ВИЧ/СПИД вирусунун жайылышы негизинен алардын чөйрөсүндө башталганын тана албайт. АКШда ВИЧ/СПИД диагнозу коюлган бардык учурлардын 67%ы гомосексуалдарга, бисексуалдарга жана эркектер менен жыныстык байланышта болгон эркектерге тиешелүү.

Мындан тышкары, гомосексуалдар жыныстык ракка чалдыгуу коркунучуна 20дан 80 эсеге чейин көбүрөөк кабылышат. Маймыл чечегинин жыныстык жол менен жугушу боюнча ачылыш, бул оору негизинен гомосексуалдык байланыштарда тарай турганын аныктады. Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун маалыматына ылайык, катталган 500 учурдун 98%ы гомосексуалдык, бисексуалдык же эркек менен жыныстык катнашка барган эркектердин арасында болгон.

**Маселелерге жооп кайтаруу**

Үммөт феминисттик жана ЛГБТИ кыймылдарынын кооп-коркунучтарын олуттуу кабыл ала турган учур келди. Бул кыймылдар Ислам өкүмдөрүнө анык карама-каршы келип, мусулмандардын жана жалпы адамзаттын жашоосуна зыян алып келет. Алардын «адам укуктары» тууралуу теориялары жана кампаниялары аялдарга, үй-бүлөгө жана жалпы адамзатка эч кандай жакшылык алып келбеген, уу жана курулай сөздөн башка эч нерсе эмес.

Исламдан башка бул эки кыймылдын бузукулугуна каршы тура алган идеология жок. Ислам гана жашоого туура көз караш берип, адамзатка гармониялуу жашоо алып келет. Анткени Исламдын бардык

өкүмдөрү адам табиятына шайкеш келген, акылды канааттандырган, жүрөккө тынчтык берген Ислам акыйдасына негизделет.

Үммөт бүгүнкү күндө жасашы керек болгон кадам Исламды жашоонун толук жана бардык тармагына жайылтуу. Ошонун ичинде, эркек менен аялдын мамилеси Исламда эркектин үстөмдүгүнө же аялды жек көрүүгө эмес, ишенимге жана такыбалыкка негизделгенин түшүндүрүү зарыл.

Пайгамбарыбыз ﷺ айткан:

«اِتَّقُوا اللهَ فِـي النِّسَـاءِ»

**«Аялдар** (маселесинде) **Аллахтан корккула».** (Муслим риваяты).

Ислам аялды корголууга тийиш болгон намыс катары карайт. Ошондуктан эркек, коом жана мамлекет аны коргоого милдеттүү. Аллах Таала айтат:

﴿وَعَاشِرُوهُنَّ بِٱلْمَعْرُوفِ﴾

***«Аялдарыңар менен жакшы ынтымакта жашагыла».*** (Ниса: 19).

Мындан тышкары, мусулмандар аялдар менен болгон бардык мамилелерде (апа, жубай, эже-карындаш, кыз, жалпы аялдар) Исламий өкүмдөрдү толук түшүнүүгө аракет кылышы керек. Анткени Ислам аялды урматтап, коргоо үчүн келген. Ошондой эле, мусулмандар түшүнүшү зарыл, Исламда эркек менен аял Аллахтын алдында бирдей жана алардын милдеттеринде да көп учурда айырма жок, мисалы, намаз окуу, орозо кармоо, илим изилдөө, даават кылуу жана башка көптөгөн өкүмдөр сыяктуу.

Ал эми эркек менен аялдын табиятына байланыштуу маселелерде Ислам аларга өзгөчө жана уникалдуу өкүмдөрдү белгилеген. Мисалы, үй-бүлөнүн нафакасын (каржы чыгымдарын) камсыз кылуу милдети эркекке жүктөлгөн, ал эми аялга мындай милдет жок. Ислам аялды эне жана үй-бүлөнүн кожейкеси катары карап, ага кош бойлуу болуу, төрөгөндөн кийин эмизүү жана балдарды тарбиялоо милдеттерин жүктөгөн.

Ошондой эле, Үммөт түшүнүшү керек, Ислам өз өкүмдөрүн кайра карап чыгууга муктаж эмес, анын ичинде анын акыйдасы да, шарияты да толук жана кемчиликсиз. Бүгүнкү күндө аялдардын башынан өткөрүп жаткан кыйынчылыктары Ислам өкүмдөрүнүн натыйжасы эмес, тескерисинче, Ислам кабыл албаган жана четке каккан мыйзам жана баалуулуктардын натыйжасы.

Ошондой эле, аялды базарга, университеттерге, мектептерге жана башка коомдук чөйрөлөргө аралаштырбоо Исламга туура келбеген жаңылыш көз караш. Чынында, Пайгамбарыбыз ﷺ доорунда аялдар эркектер менен коомдо белгилүү шарттарда жана адеп-ахлак нормалары

сакталган абалда катышкан, бирок бул шарттар Батыштагы либералдык коомдордогу абалдан айырмаланган.

Ошондой эле Үммөт Батыштын жана анын куралдарынын, БУУнун, ар кандай бейөкмөт уюмдардын жана саткын башчылардын кооптуу кутумдарын аңдап түшүнүшү зарыл. Алар аялды коргойбуз деген шылтоо менен чыныгы жашоо системасын кыйратып, үй-бүлөнү жана жеке инсанды бузууга багытталган социалдык курулуштарды жүргүзүп жатышат. Бул иштерди алар жыныстар ортосундагы теңдик программалары жана ЛГБТИ коомунун укуктарын жайылтуу аркылуу жүргүзүшүүдө.

Эң маанилүүсү, Үммөт бүгүн аялдарды жана жалпы коомду каптаган бузукулук Исламий жашоо тутумунун жоктугунун жана аны Батыштын малайлары кыйратканынын натыйжасы экенин түшүнүшү керек. Акыбетте, бир бузукулук башка бузукулукка жол ачууда.

Тилекке каршы, айрымдар кафирлердин жолун ээрчип кетти. Пайгамбарыбыз ﷺ айткан:

«لَتَتَّبِعُنَّ سَنَنَ الَّذِينَ مِنْ قَبْلِكُمْ شِبْرًا بِشِبْرٍ وَذِرَاعًا بِذِرَاعٍ حَتَّى لَوْ دَخَلُوا فِي جُحْرِ ضَبٍّ لَاتَّبَعْتُمُوهُمْ قُلْنَا يَا رَسُولَ اللَّهِ آلْيَهُودَ وَالنَّصَارَى قَالَ فَمَنْ» (رواه مسلم) .

**«Силерден мурдагылардын жолун изме-из, карышма-карыш ээрчийсиңер. А түгүл, алар кескелдириктин ийнине кирсе, силер да аларды ээрчип киресиңер».** Биз: «Оо, Аллахтын элчиси, сиз яхудий менен насранийлерди айтып жатасызбы?», - деп сурадык. Ал: **«Алардан башка ким болушу мүмкүн?!»** - деди».

*(Түшүндүрмө: Пайгамбарыбыз ﷺ анын заманынан кийин келе турган Үммөтүнүн кээ биринин абалын сүрөттөгөн. Алар яхудийлер менен насранийлерди акыйда-ишенимин, кылган иш-аракеттерин, адаттарын, каада-салттарын дал ошолордой кылып изме-из, карышма-карыш ээрчишет. А түгүл, алар кескелдириктин ийинине кирип кетишсе, алардын артынан ээрчип булар да киришет. Кескелдирик – уясы өтө тар, жыты жагымсыз жаныбар. Чөлдө көп кездешет. Анын ийинин мисал кылганы, анын өтө тардыгы жана жагымсыздыгы үчүн. Ошого карабай, алардын изи менен басып, жолу менен жүрүшөт. Ушул сыяктуу тар, жагымсыз жерге киришсе, алардын артынан киришет. Аллах Өзү сактасын).*

Ошондой эле, элге феминизм жана ЛГБТИ коомунун айланасындагы «адам укуктары» кампаниясы курулай сөз экенин ачып көрсөтүү өтө маанилүү. Себеби, феминисттер Газадагы балдар менен аялдардын геноцидге учураганын көрүп туруп, унчукпай калышууда. Чынында, балдар жана аялдар яхудий вужудунун аскерий жапайычылыгынан эң чоң жабыр тартууда. Бирок, аялдардын жана балдардын укугун

коргойбуз деген феминисттер тынчтыкты тандашты, бул болсо алардын чыныгы жүзүн ачкан чоң мунафыктык.

Мындан тышкары, Үммөт Исламий жашоону ишке ашырган аткаруучу орган болгон Халифалык мамлекетине муктаж экенин түшүнүшү керек. Бардык Исламий өкүмдөр, анын ичинде аялды коргогон өкүмдөр, кылмышкерлерге (атасы, күйөөсү же баласы болсо да) каршы чараларды көрүү Халифалык мамлекетинин ичинде гана толук ишке ашырылат.

Ошондуктан, Аллах Тааладан бизге Өз сөзүн улук кылуу жолунда күрөшүүнү улантууга жардам берүүнү сурайбыз. Ошондо Халифалык мамлекетин тикелөө менен Исламий жашоо ишке ашып, бардык адамдар, анын ичинде аялдар да коопсуздукта болуп, тынчтык орнойт.

Пайгамбарыбыз ﷺ айткан:

«إِنَّمَا الْإِمَامُ جُنَّةٌ يُقَاتَلُ مِنْ وَرَائِهِ وَيُتَّقَى بِهِ فَإِنْ أَمَرَ بِتَقْوَى اللهِ عَزَّ وَجَلَّ وَعَدَلَ كَانَ لَهُ بِذَلِكَ أَجْرٌ وَإِنْ يَأْمُرْ بِغَيْرِهِ كَانَ عَلَيْهِ مِنْهُ»

**«Чындыгында, Имам – бул калкан анын артында туруп согушулат жана аны менен коргонулат. Эгер ал Аллахтан коркууну буйруса жана адилеттүү башкарса, ага** (бул иши үчүн) **сооп берилет, эгер тескерисинче башкарса, ага ошол** (ишинин) **жоопкерчилиги** (жазасы) **жүктөлөт».** (Муслим риваяты). ❑

# ИСЛАМ ФИКРАТ ЖАНА ТАРЫЙКАТТАН ТУРАТ

**Ахмад Касас - Ливан**

Ислам адамда аны кыймылга жана жашоосундагы иштерди жасоого түрткү берген жашоо кубатынын (тоокот хаявийа) бар экенин аныктаган. Ошондуктан, Ислам бул энергиянын негизинде аны талап кылган тартиптерди жана чечимдерди белгилеген. Ал адамдын табиятында тадаюн гарыйзасы (инстинкти) бар экенин билдирген. Аллах Таала айтат:

{فَأَقِمْ وَجْهَكَ لِلدِّينِ حَنِيفًا ۚ فِطْرَتَ ٱللَّهِ ٱلَّتِي فَطَرَ ٱلنَّاسَ عَلَيْهَا ۚ لَا تَبْدِيلَ لِخَلْقِ ٱللَّهِ ۚ ذَٰلِكَ ٱلدِّينُ ٱلْقَيِّمُ وَلَٰكِنَّ أَكْثَرَ ٱلنَّاسِ لَا يَعْلَمُونَ}

***«Демек** (эй Мухаммад)**, өзүңдү дайыма туура динде** (Исламда) **карма! Аллах инсандарды жараткан фитратын сактагыла! Аллах жараткан фитрат өзгөртүлбөйт. Эң туура дин мына ушул. Бирок көп адамдар билишпейт».*** (Рум: 30).

Ошондой эле Аллах Таала айтат:

{ وَإِذْ أَخَذَ رَبُّكَ مِنۢ بَنِىٓ ءَادَمَ مِن ظُهُورِهِمْ ذُرِّيَّتَهُمْ وَأَشْهَدَهُمْ عَلَىٰٓ أَنفُسِهِمْ أَلَسْتُ بِرَبِّكُمْ ۖ قَالُوا۟ بَلَىٰ شَهِدْنَآ ۛ أَن تَقُولُوا۟ يَوْمَ ٱلْقِيَٰمَةِ إِنَّا كُنَّا عَنْ هَٰذَا غَٰفِلِينَ }

***«Роббиң Адам балдарынын белдеринен** (тээ Кыямат Күнүнө чейин дүйнөгө келе турган бардык) **урпактарды алып: «Мен Роббиңер эмесминби?” деп, өздөрүнө каршы күбө кылганда, алар: “Чындыгында** (Сен Роббибизсиң)**, биз буга күбөбүз”, дегендерин эсте!** (Силерден мындай күбөлүк-убада-шертти алуубуз) **Кыямат Күнүндө: “Биз мындан бейкабар элек”, дебестигиңер үчүн».*** (Аъраф: 172).

Мындан тышкары, Аллах Таала адамдагы башка инстинкттердин жана организм муктаждыктардын бар экенин да билдирген. Ал айтат:

{ زُيِّنَ لِلنَّاسِ حُبُّ ٱلشَّهَوَٰتِ مِنَ ٱلنِّسَآءِ وَٱلْبَنِينَ وَٱلْقَنَٰطِيرِ ٱلْمُقَنطَرَةِ مِنَ ٱلذَّهَبِ وَٱلْفِضَّةِ وَٱلْخَيْلِ ٱلْمُسَوَّمَةِ وَٱلْأَنْعَٰمِ وَٱلْحَرْثِ ۗ ذَٰلِكَ مَتَٰعُ ٱلْحَيَوٰةِ ٱلدُّنْيَا ۖ وَٱللَّهُ عِندَهُۥ حُسْنُ ٱلْمَـَٔابِ }

***«Адамдарга аялдар, балдар, түгөнбөс алтын-күмүш байлыктар,** (кымбат) **баалуу аттар, мал жана эгин-тегиндер сыяктуу көңүл каалаган нерселер кооз, көркөм кылып көрсөтүлдү. Акыйкатта болсо, бул нерселер жалган дүйнө жашоосунун** (өтүп кетчү) **нерселери. Аллахтын даргөйүндө болсо эң кооз, көркөм бара турган жай-Бейиш бар.** (Башкача айтканда убактылуу, өткөөл нерселерге көп алаксыбай, чыныгы кооздук көркөмдүктү сүйүү керек)**».*** (Аали Имран: 14).

Дал ушул организм муктаждыктары менен инстинкттер адамдын жашоо энергиясын түзөт жана адам табигый түрдө аларды канааттандырууга умтулат. Эгер ачкалык менен чаңкоо сезими болбосо,

адам тамак-ичүүгө умтулбайт эле. Эгер Жаратуучуга муктаждык сезими болбосо, ал сыйынууга жана ибадат кылууга умтулмак эмес. Эгер жашоону улантууга болгон каалоо болбосо, адам коркунучтан сактанмак эмес, оорудан даба издебейт эле жана мүлк топтоого аракет кылмак эмес. Эгер адам насилин сактоого болгон инстинкт (нав гарыйзасы) болбосо, үй-бүлөлүк жашоо курулмак эмес, бала-чакага, ата-энеге, бир туугандарга карата мээрим да болмок эмес. Демек, бул организм муктаждыктары менен инстинкттердеги жашоо кубаты адамдын жүрүм-турумунун булагы болуп саналат.

Организм муктаждыктарын жана инстинкттерди канааттандыруу адамдын жүрүм-турумун аныктаган тартиптерди талап кылат. Бул тартиптер адамга туура канааттандырууну көрсөтүп, аны бакытка жана бейпилдикке жеткирет, ал эми туура эмес канааттандыруу аны азапка жана бактысыздыкка алып барат. Ошондуктан, адамды жана анын инстинкттерин жараткан Аллах Таала адамдарга бул муктаждыктарды кантип канааттандыруу керектигин көрсөтүү үчүн вахий түшүрдү.

Ислам ыйман негиздерин, алардын ичинде эң негизгиси — Аллах Таалага Жаратуучу, Башкаруучу жана Жол көрсөтүүчү катары ишенүүнү түшүндүрүп, андан соң намаз, орозо, ажылык жана башка ибадаттарды баяндоо менен адамдын тадаюн гарыйзасын канааттандырууну тартипке салды. Муну менен анын Жаратуучу менен болгон мамилесин жөнгө салды.

Зына кылууга тыюу салып, никени мыйзамдаштырып, бала-чакага, туугандарга, ата-энеге болгон мамиле жөнүндөгү өкүмдөрдү көрсөтүү аркылуу навды сактоо инстинктин канааттандырууну тартипке салды.

Мүлк табуунун жолдорун, жеке менчик өкүмдөрүн, уурулукка жана адамдардын мүлкүн адилетсиз тартып алууга тыюу салып, мал-мүлк жана өзүн-өзү коргоо укугун (керек болсо өлтүрүүгө чейин) бекитүү аркылуу бако гарыйзасын канааттандырууну тартипке салды.

Жеп-ичкен нерселердин таза, пайдалууларын халал кылып, зыяндуу, харамдарын тыюу аркылуу организм муктаждыктарын (хаажат удвия) канааттандырууну тартипке салды. Ошентип, бул мисалдар менен чектелбестен, Ислам адамдын бардык табигый муктаждыктарын жана инстинкттерин толук тартипке салган. Мына ушундай тартип менен жөнгө салгандыктан, бир инстинкт же муктаждык экинчисине үстөмдүк кылып кетпей, баары тең салмакта канааттандырылат.

Адамдагы көптөгөн табигый муктаждыктарды канааттандыруу башка адамдар менен мамиле түзүүнү талап кылат. Бул мамилелер аркылуу алар пайдалуу нерселерди өз ара алмашып, коркунучтардан сактануу мүмкүнчүлүгүнө жетишет. Ошондуктан адамдар коом түзүүгө аргасыз болушат. Демек, коом ичиндеги мамилелерди тартипке салуу

адамдардын табигый муктаждыктарын канааттандырууну тартипке салуунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Эгерде бул муктаждыктар болбосо, коомдор да пайда болмок эмес. Бул болсо, адамдын жүрүм-турумун тартипке салууну максат кылган түзүмдүн (низом) ишке ашуусу жеке адамга гана чектелбестен, адамзат коомун толук камтып, ага коом катары да кайрылуусу зарылдыгын билдирет.

Ошондой эле бул система жөн гана каалоочулардын жеке ыктыяры менен анын көрсөтмөлөрүн аткаруу аркылуу жүзөгө ашпастыгын билдирет. Коомдук мамилелерди тартипке салуу үчүн коомдун бардык мүчөлөрү ага баш ийүүсү зарыл. Ушул себептен улам, адамдын табигый муктаждыктарын канааттандырууну тартипке салган система аны турмушта кантип ишке ашырууну, кантип коомдо ишке салым, дүйнөгө жайып, сактап калууну да көрсөтүшү керек.

Ошондуктан Ислам адамдагы инстинкттерди жана организм муктаждыктарын туура канааттандыруу фикратын көрсөтүү менен гана чектелбестен, аны турмушка ашыруу аркылуу мабда пайда боло турган тарыйкатын да түшүндүргөн. Ошонун негизинде коомдо ал кантип аткарыларын жана дүйнөгө кандай жайылтыларын да аныктаган. Мына ошондуктан Ислам фикрат жана тарыйкат болуп саналат.

Демек, Ислам нав гарыйзасын тартипке салууда зына кылууга тыюу салуу менен гана чектелип калбастан, ошол тыюуну аткаруу жолу катары зына кылгандар үчүн жаза (хад) мыйзамын да киргизди. Ошондой эле арак ичүүгө, уурулукка, динден кайтууга (ридда), момун эркектерди жана аялдарды жалган жалаа менен айыптоого тыюу салып, бул тыюуларды бузгандар үчүн жаза чектерин белгиледи. Ал эми жанга жана денеге кол салууга тыюу салганда, муну колдоо үчүн кысас (өч алуу) өкүмдөрүн да киргизди, ошондой эле шариатка каршы бардык башка бузулуулар үчүн таъзир (тарбиялоочу жаза) өкүмдөрүн киргизди.

Ислам жалпы түрдө шариатты колдонууга буюрганда, аны жүзөгө ашыруунун жалгыз шаръий тарыйкатын да аныктады, ал болсо — мамлекет. Шарият мамлекетти түзүүгө буйрук берип, аны кантип куруунун жана анын түзүмүн Китеп жана Сүннөттө толук баяндап берген.

Пайгамбарыбыз ﷺ Меккеде пайгамбар болуп жиберилгенден тартып Мадинада мамлекетти курганга чейин жүргүзгөн иштеринин баары ушул мамлекетти курууга багытталган жана бул иштер мамлекет жок учурда аны түзүүнүн жалгыз шаръий жана амалий жолу болуп саналат. Андан соң Пайгамбарыбыз ﷺ Мадинада курган мамлекети Араб жарым аралын камтыганга чейин кеңейип, Исламды бардык доорлордо турмушка ашырууда амалий үлгү болуп калды. Бул үлгү адамзаттын маселелерине чечим берүү жана гарыйзаларын тартипке салууда

колдонулушу керек болгон үлгү болуп эсептелет. Бул үлгүнү болушунча так ээрчүү ошол ченемдерди жана чечимдерди канчалык ийгиликтүү ишке ашырып жаткандыктын өлчөмү болуп саналат. Ислам дүйнөгө өзүнүн даъватын жеткирүүгө буюрганда, аны жеткирүүнүн тарыйкатын да аныктап берген. Бул мамлекет жүргүзө турган даъват жана жихад, бул экөөсү мамлекеттин тышкы саясатынын негизин түзөт.

Ошондой эле Ислам башкаруучуну мухасаба кылып (тергеп-тескеп), эгер ал Ислам түзүмүн бузса же туура эмес колдонсо, аны өзгөртүүгө буйрук берген. Бул үчүн да тарыйкат Ислам акыйдасына негизделген саясий партияларды түзүү зарылдыгын көрсөттү. Бул партиялар мамлекетти жана коомдун аң-сезимин, сакафатын көзөмөлдөйт, жакшылыкка буюруп, жамандыктан кайтаруу милдетин даъват, сакафаттандыруу жана мухасаба аркылуу аткарат.

Ислам өзүнүн даъватын коргоого жана сактоого буйрук бергенде, муну ишке ашыруунун тарыйкатын да белгилеген. Бул тарыйкат — коргонуу жихады. Ал аркылуу Үммөттүн жана Ислам мабдасынын душмандарынын чабуулу кайтарылат.

Ислам фикратка байланыштуу өкүмдөр менен тарыйкатка байланыштуу өкүмдөрдү баяндаган учурда, аларды милдеттүү түрдө аткаруу жана аларды так карманууда эч кандай айырмачылык кылган жок. Анткени булардын баары Аллах Тааланын Китебинде жана Пайгамбарыбыздын ﷺ сүннөтүндө түшүрүлгөн шарият өкүмдөрү. Алар төмөнкү аяттын маанисине кирет:

{ ٱلۡيَوۡمَ أَكۡمَلۡتُ لَكُمۡ دِينَكُمۡ وَأَتۡمَمۡتُ عَلَيۡكُمۡ نِعۡمَتِي وَرَضِيتُ لَكُمُ ٱلۡإِسۡلَٰمَ دِينٗاۚ فَمَنِ ٱضۡطُرَّ فِي مَخۡمَصَةٍ غَيۡرَ مُتَجَانِفٖ لِّإِثۡمٖ فَإِنَّ ٱللَّهَ غَفُورٞ رَّحِيمٞ }

***«Бүгүн Мен силер үчүн диниңерди толуктадым, силерге болгон ырайымымды бүтүрдүм жана силер үчүн Исламды дин катары ыраазы болдум».*** (Маида: 3).

Ошондуктан, фикрат өкүмдөрү менен тарыкат өкүмдөрүн милдеттүү түрдө карманууда айырмачылык жок. Экөө тең дин жана экөө тең Аллах Таалага баш ийүүдө аткарылууга тийиш өкүмдөр.

Аллах Таала айтат:

{ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱدۡخُلُواْ فِي ٱلسِّلۡمِ كَآفَّةٗ وَلَا تَتَّبِعُواْ خُطُوَٰتِ ٱلشَّيۡطَٰنِۚ إِنَّهُۥ لَكُمۡ عَدُوّٞ مُّبِينٞ }

***«Эй, момундар! Ислам динине толук киргиле*** *(Исламдын кээ бир өкүмдөрүнө баш ийип, кээ бирлерине баш ийбей турган кишилерден болбогула)****. Шайтандын артынан ээрчибегиле. Шексиз, ал силердин ачык душманыңар».*** (Бакара: 208).

Бул аяттагы «سلم - сильм» деген сөз бүткүл Исламды билдирет.

Фикрат менен тарыйкат өкүмдөрүн бөлүү мурдагы муфассирлерде жана аалымдарда, Пайгамбарыбыздын ﷺ доорунан тартып кийинки кылымдарга чейин болгон эмес. Анда эмне үчүн азыркы Исламий

сакафатыбызда мындай бөлүүнү колдонобуз? Бул абдан негиздүү суроо. Чындыгында, бул бөлүү-айырмалоону көргөн адам бул суроону бериши керек. Анткени, терминологияда муктаждык болбосо, жаңы түшүнүктөрдү жана терминдерди ойлоп табууга болбойт. Алар жөн гана ой жүгүртүү үчүн же интеллектуалдык «кабыл алуулар» үчүн киргизилбеши керек.

Бул суроого жооп катары айтсак, мындай бөлүүнү киргизүүгө бир нече себеп бар. Алар төмөндө түшүндүрүлөт.

Акыркы эки кылымда көптөгөн мусулмандардын, анын ичинде айрым факихтердин арасында мындай пикир тараган: Ислам адамдын жүрүм-турумун тартипке салган жана анын маселелерин чечкен өкүмдөрдү койгон. Бул өкүмдөрдү аткаруу зарыл. Бирок Ислам ошол тартиптерди жана чечимдерди колдонуу үчүн кээ бир ыкмаларды сунуштаган жана бул ыкмалар Исламдын алгачкы доорлоруна ылайыктуу болгон. Алар азыркы заманда милдеттүү эмес, башкача айтканда, азыркы учурда ошол ыкмаларды сактабай, заманга ылайыктуу жаңы методдорду колдонууга болот деген пикир тараган.

Мисалы, Усманий Халифалыктын акыркы доорлорунда мурунку кылымдарда эч качан болбогон жаңы пикирлер пайда болду. Кээ бирлери шарияттагы хад жазаларын (так белгиленген жаза түрлөрүн) таъзир (жеңилдетилген) жазалар менен алмаштырууга уруксат беришти. Мунун негизинде Усманий жазык кодекси кабыл алынып, анда хад жазалары токтотулуп, алардын ордуна таъзир жазалар киргизилди. Бул нерсени актоо үчүн «Шарияттын максаты — адамдарды күнөө иштерден тыйуу, ал эми хад жазалары — ушул тыюуну ишке ашыруунун каражаты, ошондуктан максат адамдарды күнөөдөн кайтаруу болгон соң, бир жазаны башкасы менен алмаштырууда айып жок» деп жүйө келтирилген.

Ошол учурда жазуучулар жана авторлор «Макасид аш-Шария» (шарияттын максаттары) теориясын кеңири жайылта башташты. Анын маңызы, Аллах Таала шарият өкүмдөрүн белгилүү максаттар үчүн белгилеген жана бул өкүмдөр ошол максаттардын болушуна жараша колдонулат же токтотулат деген түшүнүк болгон. Алардын көз карашы боюнча, маани өкүмдөрдүн өзүнө эмес, алардын максаттарына бурулушу керек болчу. Натыйжада, «максаттарды көздөө» деген жүйө менен шарият өкүмдөрүн четке кагуу пайда болду.

Чындыгында, бул теорияны жактагандар бир нече олуттуу каталарга жол беришти. Ал эми кийинчерээк келгендер жана азыркы замандын өкүлдөрү бул каталарды андан бетер тереңдетип жиберишти, анткени алар бул теориянын баштапкы жактоочулары карманган чектөөлөрдү жана шарттарды такыр эске алышкан жок.

**Биринчи ката**: алар шарият өкүмүн чыгарууга себеп болгон «иллет» (шарияттык себеп) менен өкүмдүн максатын аралаштырып салышты. Иллет — бул шарият өкүмү байланып турган өзгөчөлүк. Өкүм иллеттин болушуна жараша бар болот, ал жок болгондо өкүм да жоголот. Ал эми максат — шариаттын ошол өкүмдөр аркылуу көздөгөн натыйжасы. Бирок ал өкүмдүн бар болуу-шартын түзбөйт жана аны жокко чыгарбайт. Башкача айтканда, максат кээде ишке ашпай калышы мүмкүн, бирок бул өкүмдү жокко чыгарууга негиз болбойт. Иллеттен айырмаланып, иллетсиз өкүм болбойт.

**Экинчи ката**: алар далилсиз түрдө өкүмдөрдүн максаттарын өзүбүз аныктай алабыз деп ойлошту.

**Үчүнчү ката:** алар өздөрүн максаттарды ишке ашыра турган жаңы өкүмдөрдү чыгарып, ал тургай шарияттын түпкү өкүмдөрүн жокко чыгарууга укуктуубуз деп элестетишти. Бул үчүн алар «жаңы чындык» мурдагы өкүмдөрдү өзгөртүүнү талап кылат, «эски методдорду кармануу — артта калуу» деген жүйөлөрдү колдоно башташты.

Мындан тышкары, алар «өкүмдөр заманга жана мекенге жараша өзгөрөт» деген сөздү «шаръий эреже» катары көрсөтүүгө аракет кылышты.

Биз азыр жашап жаткан учурда Ислам мамлекети жоголуп, Үммөт Исламий жашоо чөйрөсүнөн чыгып кеткенден бери Батыш сакафатынын басымы, учурдагы режимдердин үстөмдүгү жана Ислам өкүмдөрүнө карата уюшкан чабуулдун натыйжасында, көптөгөн мусулман интеллигенттери, анын ичинде Исламий жашоону кайра баштоого чакырган жеке адамдар жана топтор бул басым алдында жеңилип калышты. Алар Ислам өкүмдөрүнүн ордуна сунушталган көптөгөн пикирлерге моюн сунушту, айрыкча тарыйкатка байланыштуу өкүмдөр жаатында ушундай болду. Мисалы, «Ислам башкаруу үчүн деталдуу (тафсилий) система киргизген эмес, ошондуктан, кеңешме (шура) жана адилеттүүлүк камсыздалса, каалаган адам чыгарган башкаруу системасын колдонсо болот» деген түшүнүк жайылды. Муну менен демократиялык системанын ар түрдүү формаларын — республикалык, парламенттик, министрлик, конституциялык монархиялык ж.б. — кабыл алууга жол ачылды.

Ошондой эле, «Жихад мурун эл аралык шарттарга жана ал кездеги байланыш каражаттарынын чектелгендигине ылайык колдонулган, азыр болсо элдердин өз тагдырын аныктоо укугу бекемделди жана байланыш, маалымат каражаттары өнүгүп, жихад аркылуу Ислам даъватын жеткирүүгө эч кандай негиз калбады» деген түшүнүк жайылды. Ошондуктан, азыр жихадды «чабуулга каршы коргонуу» менен гана чектөө кабыл алынууда.

Исламий мамлекетти кайра тикелөө үчүн иш жүргүзгөндөрдүн арасында «Ислам бизге мамлекетти куруода белгилүү бир тарыйкатты милдеттүү кылган эмес» деген пикир да тарады. Пайгамбарыбыз ﷺ мамлекет куруу үчүн жасаган иштерин «инсаний тажрыйбалар, ыкмалар, жеке аракеттер» деп түшүндүрүшүп, аларды милдеттүү деп эсептешкен жок. Бирок алар Пайгамбарыбыз ﷺ Аллах Тааланын буйругу менен милдеттүү түрдө жасаган иштер менен жөн гана халал болгон (мубах) иштердин, башкача айтканда максатка жетүү үчүн тандалган ыкмалардын айырмасын түшүнүшкөн жок. Натыйжада, алар Пайгамбарыбыздын ﷺ тарикатына каршы келген жолдорду колдоно башташты. Бирде эч кандай чектөөсүз куралдуу аракеттерге киришишти, бирде Аллах түшүргөн мыйзамдар менен башкарбаган системага кирип, демократияны жана бийликке катышууну тандашты, дагы бирде болсо кайрымдуулук иштерин жүргүзүп, ошол аркылуу тарапташтарды жана колдоочуларды тартууга аракет кылышты.

Айрымдар Исламий ахкамдарды Ислам мамлекети жок эле колдонууга болот деп жыйынтык чыгарышты. Алардын ою боюнча, насаат жана багыт берүү адамдарды ибадаттарды, фарздарды жана мустахабдарды аткарууга шыктандырып, харам амалдар менен макрухтардан кайтарууга жетиштүү. Жеке исламий институттар, мектептер, университеттер мусулмандарга Ислам маданиятын жана илимдерин үйрөтүүгө жетиштүү, вакфтар, кайрымдуулук коомдору жана ыктыярдуу зекет фонддору кедейлердин муктаждыктарын жабууга жетиштүү, Исламий каржылык институттары жана инвестициялык компаниялар Исламдагы мүлк жана экономика өкүмдөрүн колдонуп, мусулмандар үчүн халал сооданы камсыз кылууга жетиштүү. Шарият соттору коомдогу нике, мурас сыяктуу социалдык мамилелерди Ислам өкүмдөрү менен жөнгө салып турат, мусулмандар ортосунда талаш-тартыштар болгондо алар өздөрү тандаган аалымдарга же фыкых кеңештерине кайрылса болот, замандын медиа жана байланыш каражаттары — спутниктик каналдар, интернет ж.б. — Ислам даъватын дүйнөгө жеткирүүгө жетиштүү.

Мына ушундай дооматтар аркылуу алар Исламдын Аллах Таала каалаган башкаруучулук (сийада) мүнөзүн жокко чыгарышат. Аллах Таала айтат:

{ هُوَ ٱلَّذِىٓ أَرۡسَلَ رَسُولَهُۥ بِٱلۡهُدَىٰ وَدِينِ ٱلۡحَقِّ لِيُظۡهِرَهُۥ عَلَى ٱلدِّينِ كُلِّهِۦ وَلَوۡ كَرِهَ ٱلۡمُشۡرِكُونَ }

***«Ал** (Аллах) **Өз пайгамбарын Туура Жол жана чындык дин менен, мушриктер каалашпаса да, бардык диндерге үстөм кылуу үчүн жиберген Зат».*** (Тообо: 33).

Ошондой эле хадисте айтылат:

«الإسلام يعلو ولا يعلى»

**«Ислам үстөм болот, ага эч нерсе үстөм боло албайт».**

Бул адамдар аң-сезимдүү абалда, же билип туруп көз жумуп, коомдо бийлик жүргүзүп жаткан системалар коомдук мамилелерди милдеттүү түрдө башкарганын жана коомдун жүзүн, жашоо мүнөзүн аныктаганын унутушту. Ал тургай, алардын негиздеп жаткан кайрымдуулук, билим берүү, каржылык жана маалыматтык мекемелери ушул режимдердин уруксаты жана алардын мыйзам-эрежелеринин алкагында гана иштөөсү мүмкүн. Бул режимдер болсо чоң державалардын кызыкчылыгын көздөп, алардын сакафатын жана жашоо мүнөзүн жайылтат.

Алар коомдо жана жашоодо эч бир система бийлик жана башкаруу (султан) аркылуу гана колдонулбаса, анда ал ишке ашпастыгын да унутушту же унутумуш болушту. Бир коомдо эки системанын бирдей жашашы мүмкүн эмес, айрыкча алардын бири Ислам болсо. Ошондуктан, Ислам жөн гана руханий, адеп-ахлактык жана жүрүм-турумдук насааттар топтому эмес, каалаган адам каалаганча карманган эркин тандоо эмес. Ислам — бул жашоонун, коомдун жана мамлекеттин толук системасы. Ал адамдын жашоо кубатынан жана ошол кубаттан келип чыккан мамилелерден улам жаралган маселелерге чечимдерди камтыйт. Ошондой эле, ал системага ишенгендер үчүн аны кантип турмушка ашыруу, жайылтуу жана сактоо тарыйкатын да көрсөтөт.

Жыйынтыктап айтканда, бул жерде «фикрат өкүмдөрү» деген термин менен биз төмөнкүлөрдү түшүндүрөбүз: адамга бул дүйнө, андан мурунку жана кийинки жашоо, алардын бири-бири менен байланышы жөнүндө жалпы түшүнүк берген, ошол аркылуу адамдын эң чоң түйүнүн чечкен нерсе – бул акыйда. Мындан тышкары, адамды инсан катары тартипке салып, анын маселелерине чечим берген нерсе – шарият өкүмдөрү.

Ал эми Ислам бул чечимдерди турмушта жана коомдо колдонуу, дүйнөгө жайылтуу, аларды сактоо жана коргоо үчүн белгилеген өкүмдөрдү биз «тарыйкат өкүмдөрү» деп атайбыз.

Демек, адамдагы тадаюн гарыйзаны канааттандырган ибадат өкүмдөрү, үй-бүлөлүк мамилелерди, аял менен эркектин мамилесин жана анын натыйжасында жаралуучу башка байланыштарды тартипке салган коомдук түзүмгө тиешелүү өкүмдөр, мүлк маселелерин жана экономикалык мамилелерди жөнгө салуучу өкүмдөр, тамак-аш, кийим-кече, адеп-ахлак жана этикага тиешелүү өкүмдөрдүн баары «фикрат өкүмдөрү» болуп эсептелет.

Ал эми Ислам мамлекети, анын түзүмдөрү жана башкаруу системасы, мектептерди түзүү, байтул-мал, маалымат каражаттары, сотторду уюштуруу, жазалар (хад, кысас, таъзир), тышкы саясат жана

жихад өкүмдөрү «тарыйкат өкүмдөрүнө» кирет. Ошондой эле, саясий партияларды түзүү милдети жана алардын коомдун ой-пикирин, аң-сезимин көзөмөлдөө, башкаруучуларды мухасаба кылуу, даъват иштерин жүргүзүү, мамлекет жана партиялар аткара турган «жакшылыкка буюруу жана жамандыктан кайтаруу» иштери, мунун баары тарыйкат өкүмдөрүнө кирет.

Фикрат жана тарыйкат өкүмдөрүн кылдат изилдегенде, экөөнүн ортосунда аларды айырмалап турган так өзгөчөлүк бар экенин көрөбүз. Фикрат өкүмдөрү адамдын иштерин тартипке салуу үчүн белгиленгендиктен, аларды **өздөрү үчүн** (лизатиха) милдеттүү түрдө аткаруу талап кылынат.

Ал эми тарыйкат өкүмдөрү фикрат өкүмдөрүн ишке ашыруу, жайылтуу жана сактоо жолу катары белгиленгендиктен, алар өздөрү үчүн эмес, **белгиленген максатка жетүү үчүн** гана талап кылынат.

Ошондуктан, тарыйкат өкүмдөрүн алардын натыйжаларын эске албай туруп колдонууга болбойт. Тескерисинче, бул өкүмдөрдү максатка жетүү үчүн тиешелүү жол менен колдонуу зарыл. Максат — фикрат өкүмдөрүнүн турмушта ишке ашырылышы. Же болбосо, кээ бир учурларда натыйжа толук ишке ашпай калуусу мүмкүн болсо да, негизги багыт ушул максатка жетүүгө багытталат.

Демек, Ислам мамлекети өзү үчүн максат эмес жана мусулмандар жетиши керек болгон акыркы чек эмес. Ал адамдардын иштерин көзөмөлдөө, башкача айтканда, Исламды коомдо татбик кылуу жана дүйнөгө даъват катары жеткирүү жолу болуп эсептелет.

Ошондуктан, мамлекетти курууда жана анын түзүмдөрүн шарият белгилегендей уюштурууга, ошондой эле анын жүргүзгөн саясатына карата Ислам түзүмүн туура колдонууга жана Исламды дүйнөгө туура жеткирүүгө өзгөчө көңүл буруу зарыл. Бул мамлекеттин туура иштешин жана өз милдетин аткаруусун камсыз кылуу үчүн шарият мусулмандарга ага насыйкат кылуу милдетин жүктөгөн. Ал тургай, зарыл болгон учурда аны мухасаба кылуу жана көзөмөлдөө боюнча демилге көтөрүү да милдет. Анткени бул мамлекет Исламды колдонуу жана анын даъватын жеткирүүдө Үммөттүн атынан иш алып баруучу өкүл. Шарият бул мухасабаны каалоого же жеке адамдардын ыктыярына гана калтырган эмес, тескерисинче, мусулмандарга жок дегенде бир саясий партия түзүүнү милдет кылган. Бул партиянын иши жана адистиги жакшылыкка буюруу жана жамандыктан кайтаруу.

Аллах Таала айтат:

{ وَلۡتَكُن مِّنكُمۡ أُمَّةٞ يَدۡعُونَ إِلَى ٱلۡخَيۡرِ وَيَأۡمُرُونَ بِٱلۡمَعۡرُوفِ وَيَنۡهَوۡنَ عَنِ ٱلۡمُنكَرِۚ وَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡمُفۡلِحُونَ }

***«Силерден жакшылыкка*** *(Исламга)* ***чакыра турган, ибадат-итаатка буйра турган жана күнөө-жаман иштерден кайтара турган бир жамаат болсун. Дал ошолор ийгилик табуучулар».*** (Али Имран: 104).

Имам Ибн Касир бул аятты тафсир кылып:

"والمقصود من هذه الآية أن تكون فرقة من الأمّة متصدّية لهذا الشأن، وإن كان ذلك واجبًا على كل فرد من بحسبه".

«Бул аяттагы максат — Үммөттөн бир топ өзүн ушундай ишке арнашы лаазым, ал тургай бул иш ар бир адамга да өз даражасына жараша фарз», - дегени.

Бул милдеттердин эң башында башчыларды жакшылыкка буюруп, жамандыктан кайтаруу турат. Анткени мамлекеттин түз болушунан көп жакшылык чыгат, ал эми анын бузулушунан чоң жамандык жана бузукулук жайылат.

Пайгамбарыбыз ﷺ айткан:

«أفضل الجهاد كلمة حق عند سلطان جائر».

**«Эң абзел жихад — заалим башкаруучунун алдында айтылган акыйкат сөз».**

Демек, Ислам акыйдасына негизделип түзүлгөн саясий уюмдар (топтор) шариятта өздөрү үчүн эмес, ушул максат үчүн буюрулган. Алар ушул максатка кызмат кылган тарыйкат өкүмдөрүнө кирет. Бул мамлекет болгон учурда да, болбогон учурда да бирдей. Эгерде Исламий жашоо Ислам мамлекети астында бар болсо, анда бул уюмдардын иши башчыларды көзөмөлдөө, аларга насаат кылуу жана алар туура эмес иштерди кылганда же зулумдук кылганда мухасаба кылуу.

Ошондой эле бул уюмдар коомдун сакафатын жана аң-сезимин коргоого жооптуу болушат. Бул аркылуу коом Ислам сакафаты жана Исламий туйгулар менен калыптанып турушун камсыз кылуу керек. Мындан тышкары, Исламга жат болгон кандайдыр бир маданий жана хазарий таасирлердин коомдук адаттарга, андан соң коомдук пикирге жана социалдык мамилелерге кирип кетүүсүнө жол берилбеши зарыл. Чындыгында, Исламий коом Исламга жат пикир жана туйгулардан канчалык таасир алса, ошончолук анын Исламий жашоосу бузулат жана Исламий жашоодон алыстай баштайт. Буга Ислам тарыхы да ачык күбө.

Ал эми бүгүнкүдөй Исламий жашоо жоголгон учурда болсо бул уюмдардын аткара турган иштери жана алардын жүргүзгөн пикирий, саясий аракеттери Исламий жашоону кайра баштоонун шаръий жана амалий жолу болушу керек. Бул болсо Ислам мамлекетин куруу аркылуу ишке ашат.

Ошондуктан, бул уюмдардын бардык иштери аларды түзүүдөн баштап, ички тармактарды түзүү, мүчөлөрдү идеологиялык жактан тарбиялоо, коомго кайрылуу, Исламга каршы идеялар менен күрөшүү, башчылар менен саясий күрөш жүргүзүү, Ислам мамлекетин куруу үчүн нусрат талап кылуу, мунун баары өздөрү үчүн эмес, белгиленген максатты ишке ашыруу үчүн жасалууга тийиш. Эгерде бул иштер белгиленген максатка жетүүгө көңүл бурулбай жасалса, анда бул иштер формалдуу гана болуп калат, эч кандай натыйжа бербейт жана убакытты текке кетирүү болуп саналат.

Демек, саясий партия формалдуу эмес, чыныгы вакый менен болушу керек. Бул болсо, анын бардык мүчөлөрү, эч кандай өзгөчөлүксүз, кабыл алган жана карманган бирдиктүү сакафий негизге жана манхажга ээ болгондо гана мүмкүн. Ошондой эле, уюмдун максатка карай ишин так жөнгө салган идарий түзүлүшү болушу зарыл. Халакаларды түзүү жана аларды сакафаттандыруу иштеринде да алардын негизги максаты — Исламий шахсияларды жана чыныгы даъват көтөрүп чыгуучуларды даярдоо экендигин дайыма эске алуу талап кылынат. Жалпы элге кайрылууларда да анын негизги максатына көңүл буруу зарыл. Бул максат жалпы пикирди (рай ъаам) өзгөртүү жана Исламий түшүнүктөргө ылайык калыптандыруу аркылуу Исламий коомдук пикирди жаратуу. Саясий күрөштө да анын негизги максаты сакталууга тийиш. Бул максат колонизаторлордун пландарын ашкерелөө, башкаруучулардын чыккынчылыгын жана шариятка каршы аракеттерин ачып көрсөтүү, алардын жалган легитимдүүлүгүн жокко чыгаруу. Нусрат талап кылууда да анын негизги максаты көздөлүшү зарыл. Бул максат, Исламды амалий түрдө колдонууга, башкача айтканда, бийликке жана башкарууга алып келүү.

Жихад болсо тарыйкат өкүмдөрүнүн эң улуу жана эң маанилүүлөрүнүн бири. Аны да өзүнчө максат катары эмес, анын көздөгөн негизги максаттары үчүн жүргүзүү зарыл.

Бул максаттар төмөнкүлөр: кафир душмандын Ислам жерине кол салуусун кайтаруу, Дарул-Куфрду фатх кылып, андан соң аны Дарул-Ислам кылуу, душмандын күчүн сындыруу жана анын коркунучунан сактануу же ага үстөмдүк кылуу үчүн жол ачуу, душманды коркутуп, Үммөткө жана анын кызыкчылыктарына кол салуудан тыйуу.

Аллах Таала айтат:

{ وَأَعِدُّواْ لَهُم مَّا ٱسۡتَطَعۡتُم مِّن قُوَّةٖ وَمِن رِّبَاطِ ٱلۡخَيۡلِ تُرۡهِبُونَ بِهِۦ عَدُوَّ ٱللَّهِ وَعَدُوَّكُمۡ وَءَاخَرِينَ مِن دُونِهِمۡ لَا تَعۡلَمُونَهُمُ ٱللَّهُ يَعۡلَمُهُمۡۚ وَمَا تُنفِقُواْ مِن شَيۡءٖ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ يُوَفَّ إِلَيۡكُمۡ وَأَنتُمۡ لَا تُظۡلَمُونَ }

*«(Эй момундар),* ***алар үчүн мүмкүнчүлүгүңөрдүн барынча күч топтоп жана токулуу аттарды даярдап койгула, муну менен Аллахтын жана өзүңөрдүн душманыңарды жана да алардан***

***тышкары, силер билбеген, бирок Алла билген башка бирөөлөрдү да коркунучка саласыңар. Аллах жолунда эмнени сарп кылсаңар, силерге зулумдук кылынбастан толук кылып кайтарылат».*** (Анфал: 60).

Ошондой эле Аллах Таала айтат:

{ وَقَٰتِلُوهُمۡ حَتَّىٰ لَا تَكُونَ فِتۡنَةٞ وَيَكُونَ ٱلدِّينُ لِلَّهِۖ فَإِنِ ٱنتَهَوۡاْ فَلَا عُدۡوَٰنَ إِلَّا عَلَى ٱلظَّٰلِمِينَ }

***«Тээ фитна токтоп, дин толугу менен Аллахка таандык болгонго чейин алар менен согуша бергиле! Эгер тыйылышса, анда силер да токтогула! Анткени, жалаң залымдарга гана каршы душмандык кылуу мүмкүн».*** (Бакара: 193).

Жана Аллах Таала айтат:

{ وَمَا لَكُمۡ لَا تُقَٰتِلُونَ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ وَٱلۡمُسۡتَضۡعَفِينَ مِنَ ٱلرِّجَالِ وَٱلنِّسَآءِ وَٱلۡوِلۡدَٰنِ ٱلَّذِينَ يَقُولُونَ رَبَّنَآ أَخۡرِجۡنَا مِنۡ هَٰذِهِ ٱلۡقَرۡيَةِ ٱلظَّالِمِ أَهۡلُهَا وَٱجۡعَل لَّنَا مِن لَّدُنكَ وَلِيّٗا وَٱجۡعَل لَّنَا مِن لَّدُنكَ نَصِيرًا }

***«****(Эй момундар)****, силерге эмне болду, Аллах жолунда жана: «Роббибиз, бизди тургундары залим болгон бул шаардан азат кыл жана бизге Өз алдыңдан бир дос бергин, бизге Өз алдыңдан бир жардамчы жибергин», - деп жаткан эркектер, аялдар, ошондой эле балдардан турган бечаралар****(ды азат кылуу)*** ***жолунда согуш кылбай жатасыңар?!».*** (Ниса: 75).

Жазалар өкүмдөрү, мисалы, хад, кысас жана башка жаза түрлөрү мыйзам бузуучуларды жана кылмыш, жаман иштерди жасоого ниеттенгендерди тыюу үчүн киргизилген. Аллах Таала айтат:

{ وَلَكُمۡ فِي ٱلۡقِصَاصِ حَيَوٰةٞ يَٰٓأُوْلِي ٱلۡأَلۡبَٰبِ لَعَلَّكُمۡ تَتَّقُونَ }

***«Силер үчүн өч алууда жашоо бар, эй акыл ээлери. Мына ушинтип*** *(кылмыштардан)* ***сактансаңар кана».*** (Бакара: 179).

Ошондой эле Аллах Таала айтат:

{ ٱلزَّانِيَةُ وَٱلزَّانِي فَٱجۡلِدُواْ كُلَّ وَٰحِدٖ مِّنۡهُمَا مِاْئَةَ جَلۡدَةٖۖ وَلَا تَأۡخُذۡكُم بِهِمَا رَأۡفَةٞ فِي دِينِ ٱللَّهِ إِن كُنتُمۡ تُؤۡمِنُونَ بِٱللَّهِ وَٱلۡيَوۡمِ ٱلۡأٓخِرِۖ وَلۡيَشۡهَدۡ عَذَابَهُمَا طَآئِفَةٞ مِّنَ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ }

***«Зынакер аял жана зынакер эркек – алардын ар-бирине жүз балактан ургула. Эгер силер Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирүүчү болсоңор Аллахтын*** *(бул)* ***өкүмүндө*** *(тактап айтканда, зынакерлерге балак урууда)* ***силерди аларга карата ырайым кылуу*** *(сезими)* ***тутпасын. Алардын азабына бир тайпа момундар күбө болушсун!».*** (Нур: 2).

Бул жерде Аллах Таала жазаны момундардын бир бөлүгү көрүшүн буйруду, бул жазанын максаты ишке ашышы, башкача айтканда, алар башкаларга сабак болушу үчүн шарт.

Бирок, «Ислам — фикрат жана тарыйкат» жана «тарыйкат өкүмдөрү да милдеттүү шарият өкүмдөрү» деген сөзүбүз Ислам фикрат өкүмдөрүнүн ар бирине анык, деталдуу түрдө аткаруу жолун (кайфият танфиз) белгилеп койгон дегенди түшүндүрбөйт.

Мунун маңызы — Ислам белгилеген тарыйкат өкүмдөрү да фикрат өкүмдөрү сыяктуу эле милдеттүү экендигинде. Бул өкүмдөрдү «өзү үчүн эмес, башка максат үчүн берилген» деген жүйө менен же «өкүмдөр убакытка жана мекенге жараша өзгөрөт» деген шылтоо менен ишке ашырбай коюуга болбойт.

Эгерде шарият кандайдыр бир фикрат өкүмүн буйруп, бирок анын аткаруу тарыйкатын деталдуу белгилебесе, анда мусулмандар ошол өкүмдү талап кылынгандай ишке ашыруу үчүн ылайыктуу «каражаттарды» жана «ыкмаларды» тандоого укуктуу. Ушундан улам «тарыйкат» менен «каражат жана ыкма» (васила ва услюб) ортосундагы айырмачылыкты так ажыратуу маанилүү. Тарыйкат өкүмдөрү — шарият милдет кылган жана далилдер менен көрсөтүлгөн өкүмдөр. Мусулмандар аларды милдеттүү түрдө аткарууга тийиш жана аларды кабыл алуу же кабыл албоо укугу жок.

Ал эми каражаттар жана ыкмалар — шариятта халал деп көрсөтүлгөн нерселер, буюмдар жана иштер, бирок милдеттүү эмес. Мусулмандар аларды фикрат өкүмдөрүн ишке ашыруу үчүн эң ылайыктуусун тандашат. Мисал катары, Ислам мал-мүлкү нисабга жеткен адамдарга зекет төлөөнү милдеттендирген, ал эми мамлекетти зекет жыйноодо жана зекет алууга укуктуу болгон адамдарга (масариф шаръия) бөлүштүрүүдө тарыйкат катары бекиткен. Аллах Таала айтат:

{ خُذۡ مِنۡ أَمۡوَٰلِهِمۡ صَدَقَةٗ تُطَهِّرُهُمۡ وَتُزَكِّيهِم بِهَا وَصَلِّ عَلَيۡهِمۡۖ إِنَّ صَلَوٰتَكَ سَكَنٞ لَّهُمۡۗ وَٱللَّهُ سَمِيعٌ عَلِيمٌ }

***«(Эй Мухаммад) сен алардын мал-мүлкүнүн бир бөлүгүн өздөрүн аруулап-тазалай турган садага катары алгын да алардын акысына дуба кыл. Албетте сенин дубаң алар үчүн бейпилдик болот. Аллах Угуучу, Билүүчү».*** (Тообо: 103).

Бул жерде мамлекет башчысы катары Пайгамбар ﷺ мусулмандардан зекет жыйноого милдеттендирилген. Бирок аны жыйноонун деталдуу ыкмасы көрсөтүлгөн эмес. Ошондуктан мамлекетке зекетти жыйноо үчүн шарият уруксат берген ар кандай каражаттарды жана ыкмаларды колдонууга болот. Мына ошондуктан, Пайгамбарыбыздын ﷺ доорунан кийин да зекет жыйноо ыкмалары жана каражаттары өзгөргөн жана ар кандай мезгилдерге ылайыкташып өнүгүп турган. Мисалы, халифа Умар ибн Хаттаб (р.а.) тарабынан диван (мамлекеттик каттоо мекемеси) түзүлүшү бул багыттагы маанилүү кадам болгон.

Дагы бир мисал, Ислам жалпы мусулмандардын жетекчисин — халифаны — дайындоонун тарыйкаты катары байъатты белгилеген. Байъат мусулмандар менен башчы болуп шайланып жаткан адамдын ортосундагы өз ара макулдашылган келишим болуп саналат. Мунун негизинде ал адам ички жана тышкы иштерде элди шарият боюнча

башкарууга милдеттендирилет. Ошондуктан, кимдир бирөө күч менен, мураскерлик аркылуу же башка жолдор менен халифа боло албайт. Ислам белгилеген байъат жолу халифаны дайындоонун жалгыз шаръий жана милдеттүү тарыйкаты жана бул тарыйкат Үммөттүн бийлигин сактап турат. Бирок бул тарыйкаттын деталдуу аткарылышы көрсөтүлгөн эмес. Ошондуктан ар бир рашид халифанын доорунда байъат берүү формасы жана ыкмасы ар башка болгон, бирок бардык сахабалар алардын баарынын байъатынын шаръийлигин бир добуштан кабыл алышкан.

Биздин заманда халифаны тандап, ага байат берүү үчүн көптөгөн ыкмаларды жана каражаттарды колдонууга болот. Мисалы, Үммөттүн атынан шайлоо аркылуу тандалган өкүлдөр (“ахлу-л-хал вал-акд” же Үммөт мажлиси) бул ишти жүргүзө алышат. Же болбосо, Үммөт өзү тикелей шайлоо аркылуу халифаны тандай алат. Ошондой эле, бул процесс Үммөт менен анын өкүлдөрүнүн ортосунда бөлүштүрүлүшү мүмкүн: алгач Үммөт мажлиси талапкерлерди чектеп чыгат, андан кийин Үммөт тикелей шайлоо жолу менен ошол талапкерлердин ичинен бирөөнү тандайт.

Тарыйкат менен каражат жана ыкмалардын ортосундагы айырмачылыктын дагы бир мисалы: Исламий жашоону кайра баштоо үчүн иш алып барган саясий уюм коомго кайрылууга жана башчылар менен саясий күрөш жүргүзүүгө милдеттүү. Бул — Исламий жашоону орнотуу жолунда милдеттүү тарыйкат өкүмдөрүнө кирет. Бул иштерди Пайгамбар ﷺ Куран аяттарынын негизинде милдеттендирген. Бирок бул иштерди эл алдына чыгуу (ачык даъват) жана саясий күрөштү деталдуу формада кандай жүргүзүү керектиги жөнүндө шариятта так көрсөтмө жок. Ошондуктан, бул иштерди аткарууда шарият уруксат берген каражаттар жана ыкмалар колдонулушу мүмкүн. Мусулмандар милдетин аткарууда эң ылайыктуу деп эсептегенин тандай алышат. Ошентип, Мекке шаарында Пайгамбарыбыз ﷺ коомго кайрылууда ар кандай ыкмаларды колдонгон, элди Жабал тоосу үстүнө чыгып чакыруу, Меккенин көчөлөрүндө уюшкан жүрүштөргө чыгуу, базарларда, отуруштарда, Каабанын жанында элге кайрылуу ж.б.

Бүгүнкү заманда коомго кайрылууда жана саясий күрөштө төмөнкүдөй ыкмаларды колдонууга болот: хутбалар, лекциялар, конференциялар өткөрүү, спутниктик каналдар, радиолор, интернет тармактары аркылуу, китептерди, журналдарды жана баракчаларды таркатуу, жүрүштөр, фестивалдар ж.б.. Булар коомго кайрылуу жана саясий күрөш алып барууда колдонууга уруксат берилген каражаттар жана ыкмалар.

Жыйынтыктап айтканда, Ислам — фикрат жана тарыйкаттан турган бир мабда. Фикрат — бул акыйда жана ага байланыштуу болгон бардык пикирлер жана маалыматтар, ошондой эле андан балкып чыккан, адамды инсан катары тартипке салган өкүмдөр. Тарыйкат — бул өкүмдөрдү турмушта кантип ишке ашыруу (кайфият танфиз) керектигин көрсөтүп, Исламий жашоону жүргүзгөн коомду куруу жолун баяндаган өкүмдөр. Ошондой эле, бул өкүмдөр мабданы дүйнөгө жаюу, бардык адамзатты Исламий коомго кошуу жолун жана мабданы сактоо, коргоо жолун түшүндүрөт. Ал эми каражаттар жана ыкмалар — бул шарият тарабынан халал деп көрсөтүлгөн нерселер жана аракеттер. Алар аркылуу шариятта аткаруу жолу так көрсөтүлбөгөн өкүмдөр ишке ашырылат. Бул ыкмалардын жана каражаттардын белгилүү бир түрүн милдеттүү түрдө колдонуу талап кылынбайт. Мусулмандар алардын ичинен эң ылайыктуусун, жеңилин тандап алууга укуктуу. Бирок бул каражаттар жана ыкмалар тарыйкат өкүмдөрүнүн ордуна колдонулбайт жана шариятта алардын халал экени далилдениши зарыл.

Аллах Таала айтат:

{ قُلۡ إِن كُنتُمۡ تُحِبُّونَ ٱللَّهَ فَٱتَّبِعُونِى يُحۡبِبۡكُمُ ٱللَّهُ وَيَغۡفِرۡ لَكُمۡ ذُنُوبَكُمۡۚ وَٱللَّهُ غَفُورٌ رَّحِيمٌ }

***«Айткын** (эй Мухаммад)**: «Эгер Аллахты сүйсөңөр мени ээрчигиле. Ошондо Аллах силерди сүйөт жана күнөөңөрдү кечирет. Аллах** (күнөөлөрдү) **Кечирүүчү, Мээримдүү».*** (Али Имран: 31). ❑

# САЯСИЙ ТҮШҮНҮКТҮН НЕГИЗДЕРИ ЖАНА САЯСИЙ БАГЫТТЫ АНЫКТОО (2)
## (саясий маалыматтар, жаңылыктарды күзөтүү)

**Лукман Харзулла – Палестина**

Саясий анализ — бул кыял эмес, түшүнүү. Ошондуктан түшүнүккө жетүү үчүн зарыл болгон маалыматтардын топтому болушу шарт. Бул керектүү маалыматтар эки түргө бөлүнөт: биринчиси, учурдагы окуялар жөнүндө жаңылыктар. Экинчиси, ошол окуяларга жана аларды курчап турган шарттарга байланыштуу маалыматтар. Мына ошол экинчи бөлүктү биз «саясий маалыматтар» деп атайбыз.

Саясий маалыматтар — бул окуяга байланышкан жана аны курчап турган маалыматтар. Мисалы, тарыхый өңүт, саясий география, окуяга байланышкан эл, окуяга таасир кылган мамлекеттер жана алардын өз ара мамилелери. Бул маалыматтар теориялык жактан каралбайт, тескерисинче, алардын саясий жагына тиешелүү бөлүгү колдонулат.

Окуяга байланыштуу саясий маалыматтар төмөнкүчө болот:

Биринчиден: саясий география. Өлкөнүн жайгашкан жери, географиялык өзгөчөлүктөрү жана ресурстары анын саясатына таасир кылат, демек, ошол өлкөдө болуп жаткан саясий окуяларды түшүнүүгө да таасир кылат. Мисалы, дүйнөлүк соода жолдоруна ачык жайгашкан мамлекет башка өлкөлөр менен кеңири байланыш түзүүгө мүмкүнчүлүк алат, бул өзүнөн-өзү анын ири мамлекет болуусуна шарт түзөт. Эгерде өлкөдө кысыктар, деңиз каналдары сыяктуу маанилүү географиялык объекттер болсо, ал ошол аймак аркылуу өткөндөргө таасир кыла алат жана байлык топтой алат. Эгерде өлкөдө мунай, алтын, сейрек кездешкен жер казынасы же уран сыяктуу чоң ресурстар бар болсо, анын байып, дүйнөгө таасир кылуу мүмкүнчүлүгү жогорулайт. Ошондой эле өлкөнүн тоолуу, кыйын өткөөл жерлери өзүн коргоого шарт түзөт жана башка ушул сыяктуу факторлор каралат.

Экинчиден: тарых. Дүйнөлүк маселелер ар дайым тарыхый өңүткө ээ болуп келет жана ошол тарых окуяларга өз көлөкөсүн түшүрөт же тарыхый эс тутумду ойготуп, окуяларга түрткү берет. Мисалы, Европа менен Россиянын мамилесин караганда, алардын мамилесинде кастык мамиле бар экенин көрөбүз. Бул кастыктын түпкү себеби тарыхта жатат: Россия үч жолу Европадан, батыш дарбазаларынан чабуулга кабылган.

Үчүнчүдөн: калктардын сыпаттары. Мамлекеттин жалпы багыты өз элинин сыпаттарынан бөлүнбөйт. Мисалы, эгерде элде башкалар үчүн жоопкерчилик алууга даярдык сыпаты болбосо, тескерисинче, өзүнүн гана иши менен алектенүү мүнөзү басымдуу болсо, анда мындай

мамлекеттин саясаты көбүнчө чабуул жана кеңейүүгө эмес, өзүн коргоого багытталат. Ошондуктан саясий түшүнүктө элдердин сыпаттарына көңүл буруу зарыл.

Төртүнчүдөн: эл аралык абал. Бул — дүйнөдөгү мамлекеттер ортосундагы мамилелер түзгөн түзүлүш. Эл аралык абалга таасир кылган мамлекеттер — бул башка мамлекеттерге өзүнүн тышкы саясаты аркылуу таасир кыла алган мамлекеттер. Дүйнөдө бир же бир нече күч пайда болуп, ал күчтөр дүйнөгө таасир этүүгө зарыл болгон шарттарга ээ болгондо, дал ошол күчтөр ушул мамилелердин түзүлүшүн жана ошону менен бирге эл аралык абалды белгилеп беришет. Эл аралык абалды белгилеп бере алган мамлекет дүйнөдөгү биринчи мамлекет болуп саналат. Ошондуктан мындай мамлекетти таанып-билүү зарыл.

Окуя биринчи мамлекетте эмес, башка мамлекетте болуп өтүшү мүмкүн. Ошондуктан ошол окуя болуп жаткан мамлекеттин абалын жана ал мамлекет менен дүйнөдөгү биринчи мамлекеттин ортосундагы мамилени, бул мамиленин табиятын түшүнүү зарыл. Эгерде эл аралык абал эске алынбаса же окуяларды дүйнөдөгү биринчи мамлекеттен бөлүп карасак, анда каралган бурч тарып, туура эмес түшүнүк пайда болот, натыйжада дүйнөлүк окуя жергиликтүү окуяга айланып калат.

Мисалы, 2010-жылы Нигерде төңкөрүш болду. Маалым болгондой, Нигер Францияга баш ийген мамлекет болчу жана Франция ал жакта уран казып алчу. Төңкөрүштө Франциянын агенти Мухаммед Танжаны бийликтен кулады. Демек, Нигер Франция сыяктуу ири мамлекетке көз каранды болгон. Ал эми ошол учурда дүйнөдөгү биринчи мамлекет Америка болчу. Америка Африкада Франциянын таасирин азайтууга аракет кылып жаткан. Америкалыктардын билдирүүлөрүн караганда, алар Мухаммед Танжаны күнөөлөп, аны кайра бийликке кайтарууга же төңкөрүшчүлөр менен кулатылган президенттин ортосунда диалог жүргүзүүгө чакырышкан эмес. Бул маалыматтардын баары Америка бул төңкөрүштүн артында турганын көрсөтүп турат.

Бешинчиден: окуяны жүзөгө ашырып жаткан мамлекетке тиешелүү саясий долбоорлор. Мисалы, 2023-жылы Суданда кагылышуулар болгондо, бул маселени түшүнүү үчүн эл аралык абалды, ошондой эле Судандын дүйнөдөгү биринчи мамлекет менен болгон мамилесин билсек да жетиштүү болбойт. Мындан тышкары, Суданга карата түзүлгөн саясий долбоорлорду да караш керек. Ошондо дароо эле эске британдыктар бийлеп турган мезгилден бери аны бөлүү долбоору келет. Анткени британдыктар Судандын административдик бөлүнүшүн кийинчерээк аны бөлүүгө ыңгайлуу болсун деп курган. Бул долбоор Батыш өлкөлөрүндө макулдашылган. Ал эми башка бир азыркы

долбоор — Европанын Судандагы бийликти өз тарабына тартуу аракети. Бул — «жарандык башкаруу» долбоору. Ал Судандын Умар аль-Баширге каршы көтөрүлүшүн пайдаланып ишке ашырылууда. Демек, бул окуяларды караганда, ушул долбоорлорду четке кагып салууга болбойт. Эгерде кандайдыр бир саясий долбоор жок болсо, анда изилдөө башка нукка бурулат.

Алтынчыдан: жакынкы шарттар. Эгерде бир мамлекетте же аймакта окуя болуп, эл аралык абал түшүнүктүү болсо жана ал окуяны жүзөгө ашырган мамлекет менен дүйнөдөгү биринчи мамлекеттин ортосундагы байланыш белгилүү болуп, ошол мамлекетке карата түздөн-түз долбоор жок болсо, анда жакынкы шарттар каралат.

Мисалы, Америка 2017-жылы Австралия, Индия жана Жапония менен альянсты жандандырууга киришти. Бул мамлекеттер үчүн атайын долбоор жок экенин билсек да, бул альянс Американын Кытайды ооздуктоо долбоорунун алкагында жандандырылган. Бул долбоор Дональд Трамптын биринчи президенттик мөөнөтүндө башталган жана андан кийин да уланган. Демек, бул шарттарды эске алуу менен, бул альянс Кытайды чектөө багытында жандандырылган деп түшүнүлөт.

Жетинчиден: окуяны түздөн-түз жүзөгө ашырган адамдар. Анткени саясатты адамдар жасайт, ошондуктан окуяны жүргүзгөн адамдарга көңүл буруу зарыл. Ошондо окуянын багыты кайда бара жатканын түшүнүүгө болот, муну окуяны жүзөгө ашырган адамдын багыты аркылуу билебиз.

Мисалы, 2023-жылы Газага каршы согуш болгондо, ал кезде яхудий түзүмүнүн премьер-министри Биньямин Нетаньяху болчу. Биз эл аралык абалды жана жакынкы шарттарды билип турсак да, Биньямин Нетаньяхунун ким экенине көз чаптыруу зарыл. Ал Америкадагы AIPAC менен байланышы бар, андан колдоо алат, ошондой эле ошол учурдагы америкалык президент Жо Байдендин катуу атаандашы Дональд Трамптын республикачылары менен да байланышы бар. Ал жылы Америкада шайлоо жылы болчу. Мындан тышкары, Нетаньяхунун яхудий түзүмү үчүн өзүнүн долбоору бар, ал АКШнын «эки мамлекет» долбооруна каршы келет. Ал Газанын Батыш Жээк аймагынан бөлүнүп турушун сактоо үчүн күч жумшап келген. О.э анын үстүнөн сотто коррупциялык иштер боюнча кылмыш иштери бар.

Мына ошондо, эмне үчүн ал Америка ишке ашырууга аракет кылган тынчтык келишимдерин жана туткундарды алмашуу келишимдерин үзгүлтүккө учуратканын түшүнөбүз. Эгерде яхудий түзүмүнүн премьер-министри башка бирөө, Америкага толук кынтыксыз баш ийген башка адам болгондо, анда анын саясаты башкача болмок.

Сегизинчиден: окуядан пайдалангандар. Булардын изилдениши пайдалуу, бирок окуянын чыныгы абалын аныктоо үчүн кошумча далилдерди талап кылат. Анткени окуя болгондо, андан бир нече тарап пайдаланышы мүмкүн. Айрымдары аны пландаган болсо, башкалары пландоого катышпайт, бирок пайда көрөт. Эгерде маалымат ушул гана нерсеге негизделсе, анда түшүнүк абдан алсыз болуп, ага таянуу мүмкүн болбой калат.

Мына ушулар саясий түшүнүк үчүн керектүү маалыматтар. Биз булардын айрымдарын кийинчерээк кененирээк түшүндүрүп өтөбүз.

**Жаңылыктарды күзөтүү**

Биз саясий түшүнүккө жетүү үчүн маалыматтар керек экенин айткан элек. Бул маалыматтардын бири учурдагы окуялар тууралуу жаңылыктарды күзөтүү, экинчиси саясий маалыматтар. Жаңылыктарды күзөтүү деген жөн гана үстүртөн карап чыгуу эмес, бул атайын максат менен кабарларды изилдеп, изине түшүп окуу дегенди билдирет.

«متابعة» «Изине түшүү же изилдөө» деген сөз тил жагынан алганда мурунку кадамды кийинки кадамга байланыштыруу дегенди түшүндүрөт. Мисалы, изине түшүүдө биринчи кадамды билүү керек, андан кийин ошол кадамдан кийинкисине өтөсүң. Жаңылыктарды күзөтүү да дал ушундай: ал угуу жана окуу аркылуу жүргүзүлөт.

Жаңылыктарды күзөтүү маанилүүсүн да, майдасын да көз жаздымда калтырбай, керектүү маалыматты издөө түйшүгүн көтөрүүнү билдирет. Анткени майда көрүнгөн кабарда да окуяга байланышкан маанилүү маалымат болушу мүмкүн же болбошу да мүмкүн. Ал эми жаңылыктарды угуп жаткан адам керектүү маалымат кайсы учурда чыгаарын алдын ала билбегендиктен, аны тапканга чейин казып издеши зарыл.

Жаңылыктарды күзөткөн адам, негизинен, эки жол менен издейт: биринчиси — алдын ала бар деп болжолдонгон маалыматты издөө, экинчиси — жөн гана кайсы бир маалыматты издөө. Алдын ала бар деп болжолдонгон маалымат адамдын аң-сезиминде окуя тууралуу толук эмес сүрөт бар болгондо пайда болот. Анда белгилүү бир бурч жетишпей турат жана издөөнү дал ошол бурчту толуктоо үчүн багыттайт.

Эгерде аң-сезимде сүрөт али толук калыптана элек болсо же таптакыр жок болсо, анда ал жалпы маанилүү маалыматты издейт. Анын так белгилери билинбесе да, аны тапканда маанилүү экенин аныктоого болот.

Саясий маалыматтардын айрымдары түздөн-түз окуя тууралуу болот, кээ бирлери окуяга саясий жактан байланышкан шарттар, окуяны жүргүзгөн адамдар, окуяга тиешелүү саясий долбоорлор же жакынкы

шарттар тууралуу болот. Маалыматтар мына ушинтип алынат. Ал эми окуяга тиешеси жок, телеканалдар рейтинг үчүн таратып жаткан окуялар же ага байланыштуу, анын айланасындагы окуялар жөнүндөгү маалыматтар алынбайт.

Изилдөөчү күзөтүп жаткан жаңылыктар, негизинен, үч түрдө болот: окуя жана ага байланышкан маалыматтар жөнүндө жаңылык кабар, окуяны жана анын шарттарын сүрөттөгөн маалымат макаласы же окуя жөнүндө пикир билдирген бир автордун көз карашы.

Бул жерде саясий изилдөөчү эмнени алыш керек экенин, эмнени албай коюу керек экенин так ажырата билиши зарыл. Жаңылык кабарды уккандан кийин аны аң-сезимде дароо сорттоо керек: ал кабар алынуучу маалыматпы же ташталып кете турган маалыматпы? Алынуучу маалымат — бул окуяга түздөн-түз байланышкан маалымат. Ал эми окуяга тиешеси жок ар кандай маалыматтар, ошондой эле ар кандай анализдер же жеке пикирлерди алуунун кереги жок.

Анткени саясий изилдөөчү өзүнүн анализин өзү түзүшү керек, башкалардын анализине таянбоого тийиш. Себеби пикир жазган автор саясий изилдөөчү менен бирдей түшүнүктөрдөн улам ой жүгүртпөшү мүмкүн. Кээ бир аналитиктерде так калыптанган түшүнүк болбойт, алар көбүнчө божомолдорго, элестерге, логикалык жүйөлөргө таянып жаза беришет. Андан тышкары, атайын бурмалап жазгандар да болот, же окуядагы тараптардын бирине жан тартып туруп пикир билдиришет, же окуяларды туйгуга алдыртып карагандар болот.

Ошондуктан жаңылыктар жана маалымат макалалары пикир макалаларына караганда маанилүүрөөк. Бирок, пикир макаласында да кээде автор алган маанилүү маалымат болушу мүмкүн. Ошондуктан пикир макалалары да күзөтүлүп турат, бирок алардын артыкчылыгы башка кабарларга салыштырмалуу артта болот.

Ал эми саясатчы жаңылыктарды жана макалаларды алып турган булактар — бул ишенимдүү жаңылык каналдары жана олуттуу гезиттер. Башкача айтканда, бул булактар өз кабарларын тактап, документтештирүүгө маани берген булактар болушу керек. Ошентсе да, саясатчы бул булактардын айткандарын толугу менен кабыл албашы зарыл. Ал дайыма эстен чыгарбоого тийиш: ал пайдалуу маалыматты издөөдө ал маалыматты бул булактардан табышы мүмкүн же таппай калышы да мүмкүн.

Ошондой эле бул каналдардын жана гезиттердин багыттарына көңүл буруу зарыл. Мисалы, оңчул багыттагы гезиттерден маалымат алганда алардын ошол жакка ооп турганын эске алуу керек, солчул гезиттерде да дал ошондой. Маалымат бир эле болсо да, оңчул гезиттер аны

башкача, солчул гезиттер дагы башкача формада берет. Демек, күзөтүүчү адам тилдик формадагы «капканга» түшүп калбашы керек.

Гезиттин макаласын жазган авторго да көңүл буруу маанилүү. Айрым жазуучулар жана журналисттер окуяга жана аны жүзөгө ашырган адамдарга түздөн-түз байланышта болуп, маалымат тактыгына чоң маани беришет. Мына ушундай адамдардын макалалары жана кабарлары башка жазуучуларга караганда көбүрөөк көңүл бурууга арзыйт.

Ошондой эле саясатчы окуяны түздөн-түз жүргүзгөн же андан таасирленген тараптардын билдирүүлөрүнүн баарын күзөтүп турушу керек. Мисалы, Жакынкы Чыгышта окуя болгондо, АКШнын мамлекеттик катчысынын ошол окуя тууралуу маалымат жыйынын сөзсүз угушу зарыл. Ошондой эле АКШ президентинин, Улуттук коопсуздук кеңешинин жетекчисинин, Ак үйдүн басма сөз катчысынын жана башка окуяны жүргүзүүгө катышкан адамдардын билдирүүлөрүн да угушу керек. Мунун себеби азыркы учурда Америка дүйнөдөгү биринчи мамлекет болуп эсептелет жана Жакынкы Чыгышка толугу менен үстөмдүк кылат.

Бул жерде көп учурда жооптуу адамдардын билдирүүлөрүнүн ортосунда карама-каршылык же билдирүүлөр менен иштердин ортосундагы карама-каршылыктарга туш болушубуз мүмкүн. Бул түйүндү чечүү үчүн туура кабарды бурмаланган билдирүүдөн ажырата билүү зарыл. Мунун жолу — билдирүүнүн шарттарына көңүл буруу.

Мисалы, АКШ президенти эки каршы келген билдирүү жасашы мүмкүн: алардын бири ички аудиторияга багытталган, экинчиси тышкы маселеге же окуяга багытталган болот. Эгерде ар бир билдирүүнү өзүнүн контекстинде карасак, анда кайсы билдирүү чын, кайсынысы бурмаланган экенин аныктоо жеңил болот. Ошондой эле билдирүүнү жердеги аракеттер менен салыштыруу, окуя тууралуу жеткиликтүү маалыматтар менен салыштыруу, ошондой эле билдирүү жасаган мамлекеттин ошол окуяга же аймакка карата белгилеген максаттары менен салыштыруу керек. Эгерде билдирүү долбоор менен шайкеш келип, ал эми аракеттер долбоорго каршы келсе, анда билдирүү чын болуп, аракет бурмалоо болуп эсептелет. Эгер тескерисинче болсо, анда тескери чечим чыгат. Демек, кабарды анын жалпы абалынан же сүрөтүнөн бөлүп алып карай албайсың. Бурмалоо аракеттерде да, билдирүүлөрдө да болушу мүмкүн. Бул саясатчы үчүн маанилүү аспект. Кафир саясатчылар калп айтып, элди адаштырат. Ал эми мусулман саясатчы калп айтпайт, тескерисинче, «киная» кылып айтат, бул болсо жакын маанини түшүндүрөт, бирок саясатчы алысыраак маанини көздөгөн болот.

Ошондуктан Пайгамбарыбыз ﷺ аскердик топторду максатынан башка багытка жөнөтчү, андан кийин душман коопсуз деп ойлоп калган учурда, алар багытын өзгөртүп, чыныгы максатка жетчү. Бул ыкма саясий иштерде да, аскердик иштерде да колдонулат.

Жаңылыктарды күзөтүү, алардын ичинен туурасын тандоо жана пайдалуусун алуу — тажрыйбаны талап кылган иш. Убакыттын өтүшү менен бул жөндөм (малака) калыптанып, иш жеңилдеп калат.

(уландысы бар). ❑

# ИСЛАМДАГЫ КАРЖЫ ТҮШҮНҮК МЕНЕН КАПИТАЛИСТТИК ЖАНА СОЦИАЛИСТТИК КАРЖЫ ТҮШҮНҮКТӨРДҮН АЙЫРМАСЫ (1)

**Ахмад Аль-Амин – Ирак**

Экономикалык каржы түзүмү — бул мамлекеттин философиясын, башкача айтканда, анын карманган мабдасын чагылдырат. Дүйнөдө эки негизги мабда белгилүү: капитализм жана социализм. Айрым мамлекеттер социалисттик түшүнүктү кабыл алышкан, башкалары капиталисттик түшүнүктү кабыл алышкан. Натыйжада, ар бир мамлекеттин өзүнө таандык каржы-экономикалык, саясий жана коомдук түзүмдөрү болуп, алар ушул эки түшүнүктөн келип чыккан.

Белгилүү болгондой, бул түшүнүктөрдүн максаты — адамдын жашоосун, анын ичинде экономикалык жана каржылык маселелерди чечүү жана ишке ашыруу, коомдордун бакубаттуулугу менен жыргалчылыгын камсыз кылуу. Ар бири өз жолуна жараша аракет кылат.

Капиталисттик чечимдин эң маанилүү өзгөчөлүгү жеке мүлктү, жеке эркиндикти кабыл алуу жана эркин базар системасын колдонуу. Капитализм бир нече этаптардан өтүп, олуттуу кыйынчылыктарга дуушар болгон. Мисалы, 1929-жылдагы Улуу депрессия деп аталган кризис. Бул кризис ошол кездеги мамлекеттин экономикага кийлигишпөө теориясына негизделген капитализмдин негиздерин солгундатып жиберген. Натыйжада, салттуу каржы түшүнүгү өзгөрүп, алар мамлекеттин активдүү кийлигишүүсүн жактаган теорияга өтүшкөн.

Ал эми социалисттик түзүм өндүрүш каражаттарына жалпы мүлккө таянуусу, мамлекеттин чоң деңгээлде кийлигишүүсү жана борбордук жалпы пландоону колдонуусу менен мүнөздөлөт. Бул түзүм 70 жыл колдонулгандан кийин 1989–1991-жылдары социалисттик лагердин жана Советтик Союздун кыйрашы менен ийгиликсиздиги айкын болду.

**Каржы түшүнүгүнүн өнүгүшү**

Мамлекеттин каржы түзүмү анын ишенген саясий философиясын жана аны курчаган экономикалык, социалдык философияларды чагылдырат. Мамлекеттин философиясы — бул анын адам жашоосуна болгон көз карашына негизделет жана ушул негизде мамлекет коомдун иш жүргүзүү эрежелерин, жүрүм-турумдук, социалдык, укуктук жана экономикалык чөйрөлөрдөгү чектерин аныктайт.

Каржы түзүмү мамлекеттин саясий, экономикалык же социалдык максаттарын ишке ашырган куралдарынын бири болуп саналат. Ошондуктан, каржы түзүмү же жалпы мамлекеттик каржы ар бир

мамлекетте ар кандай болот жана ошол мамлекеттин экономикалык абалына жараша, ал тургай бир эле мамлекеттин ичинде ар кайсы доорлордо өзгөрүп турат.

Каржы түшүнүгү экономикалык түшүнүк менен тыгыз байланышкан, анткени ал анын бир бөлүгү болуп эсептелет. Бул болсо алардын өнүгүү этаптары да бирдей экенин билдирет. Алардын ар бир өнүгүү этабы мамлекеттин өнүгүү этабына шайкеш келип, мамлекеттин саясий, экономикалык жана социалдык философиясын чагылдырат. Бул этаптар төмөнкүлөр:

1. Салттуу каржы түшүнүгү — «бейтарап» же «күзөтчү» мамлекет теориясы.
2. Заманбап каржы түшүнүгү.

**Биринчи бөлүк**

**Салттуу каржы түшүнүгү — бейтарап же күзөтчү мамлекет теориясы**

Каржы түшүнүгүн түшүндүрүүдөн мурун ага негиз болгон салттуу экономикалык теория жөнүндө сөз кылуу зарыл. Салттуу теория толук менчик эркиндигине, өндүрүш эркиндигине жана керектөө эркиндигине негизделет, ошондой эле баа механизми сунуш менен суроо-талаптын ортосундагы тең салмакты камсыз кылууга кызмат кылат.[1]

Жарандар керектөөчү товарларды да, өндүрүш каражаттарын да эркин түрдө менчиктей алышат жана бул менчикти каалагандай пайдаланууга укуктуу. Капитал ээлери да өз акчаларын кандай жол менен жумшоо, кандай товарлар менен кызматтарды өндүрүү жана керектүү жабдууларды же чийки заттарды сатып алуу шарттары боюнча толук эркиндикке ээ. Өндүрүш эркиндигине керектөө эркиндиги да дал келет: эч ким кирешесин кантип колдонорун же аны кайсы товарларга жумшарын тандоодо чектелбейт. Жарандар материалдык пайданы көздөп бири-бири менен атаандашат. Өндүрүүчүлөр өндүрүштү көбөйтүү, сапатын жакшыртуу, мыкты өндүрүш ыкмаларын ойлоп табуу жана базарды жеңүү үчүн атаандашат. Ошондой эле керектөөчүлөр да керектүү товарларды алуу үчүн атаандашат.[2]

Жарандар өзүнүн жеке кызыкчылыктарына ылайык иштөөгө, каалаган кесип менен алектенүүгө, каалаган жерге көчүп кетүүгө жана өз мүлкүн каалагандай пайдаланууга эркин болушу керек. Мамлекет

[1] Др. Абдул-Жалил Хувайди, Ислам шариатындагы коомдук каржынын негиздери: мамлекеттик чыгымдар боюнча салыштырма изилдөө, Дар аль-Фикр аль-Араби басмасы, Каир, басылма датасы көрсөтүлгөн эмес, 28-бет.

[2] Др. Хусейн Умар, Экономикалык билимдин негиздери, 1-басылыш, Зат ас-Саласил басмасы, Кувейт, 1989-жыл, 572-бет.

алардын иш-аракеттерине тоскоолдук кылбоого жана жардам бербөөгө тийиш. Бул жарандардын табигый укуктарынын мыйзамы деп аталат. Муну «Сэй мыйзамы» же Адам Смиттин «Аны ташта, иштей берсин, аны өткөрүп жибер, дүйнө өз жаратылышы боюнча жүрүп кетет»[1] деген урааны менен да белгилешет.

Салттуу теория толук жумуш менен камсыздалган дүйнөнү болжолдойт жана эки негизги тирекке таянат:

Биринчиси: сунуш суроо-талапты жаратат. Башкача айтканда, ар бир сунуш өзүнө барабар суроо-талапка ээ болот. Базарга чыгарылган ар бир товарга суроо-талап жаралат жана ар бир көрүнгөн суроо-талапка ылайык керектүү сунуш түзүлөт.

Сунуш дайыма суроо-талап менен тең болот. Жалпы сунуш менен жалпы суроо-талаптын тең болушу, керектөөчү товарларды сатып алууга жумшабаган киреше сөзсүз түрдө инвестициялык товарларды сатып алууга жумшаларына негизделет.[2] Бул ар бир сакталган (жыйналган - ар. иддихар) каражат сөзсүз инвестицияга айланат. Башкача айтканда, сактоо автоматтык түрдө толугу менен инвестициялык чыгымга айланып, жалпы суроо-талаптын жетишсиздигине себеп боло албайт. Бул теория акча өзүнөн-өзү маанилүү рол ойнобогон дүйнөнү болжолдойт: акча болгону алмашуу каражаты катары колдонулат. Жалпы баалар деңгээли төмөн бойдон калат жана акчанын наркынын өзгөрүүсүнөн келип чыккан жалпы коркунучтар жок деп эсептелет. Натыйжада, акча топтоо (нак акча чогултуу) тенденциясы болбойт жана ар бир сактоо инвестицияга айланат.[3]

Экинчиси: толук иш менен камсыз кылууга ишенүү.

Салттуу теория толук иш менен камсыздалган абалга ишенет. Сунуш толук иш менен камсыз кылууга багытталган деп эсептелет. Эмгек рыногунда жумушчулардын сунушу алардын суроо-талабынан ашып кеткенде, жумушчулар арасында атаандаштык күчөйт, бул учурда чыныгы эмгек акы төмөндөйт жана өндүрүүчүлөрдүн кирешеси өсөт. Мына ушул өсүш жумушчуларга болгон суроо-талапты көбөйтүп, өндүрүүчүлөрдүн аларды тартуудагы атаандаштыгын күчөтөт.

[1] Жорж Соль, Ири экономикалык агымдар, доктор Рашид аль-Бароуи тарабынан которулган, 4-басылыш, Франкин басма үйү, Каир, 1965-жыл, 58-бет.

[2] Др. Мухаммад Абдул-Муним Абдул-Кадир Афар, Ислам экономикалык системасы, Дар аль-Мажма аль-Илми басмасы, Жидда, 1979-жыл, 171-бет.

[3] Др. Адил Фалих аль-Али, Коомдук каржы экономикасы. 1-китеп: Коомдук каржыга жана мамлекеттик чыгымдарга киришүү, Дар аль-Кутуб басмасы, 1988-жыл, 45-бет.

Ошентип, экономикалык ишмердүүлүк бардык жумушчуларды өзүнө камтыйт. Бул теорияга ылайык, жумушсуздук убактылуу жана кокустук көрүнүш, ал чыныгы эмгек акынын төмөндөшү аркылуу тез арада жоюлат.[1] Толук иш менен камсыз кылуу деңгээлинде улуттук экономикада автоматтык түрдө тең салмакка жетишилет.[2]

Классикалык же салттуу экономикалык теориянын жыйынтыгы төмөнкүдөй:

1. Эгерде жеке сектор экономикалык өнүгүүнү камсыз кылууга жетиштүү болсо, мамлекеттин экономикалык турмушка кийлигишүүсүнө жол берилбеши керек. Анткени мамлекеттин кийлигишүүсү экономикалык тең салмакка зыян келтирет.
2. «Күзөтчү мамлекет» шартында мамлекеттин ролу сырткы коопсуздукту камсыз кылуу, ички тартипти сактоо жана жеке сектор кол салбаган долбоорлорду жана иштерди жүргүзүү менен гана чектелет.
3. Айлык акыларды жана бааларды, анын ичинде риба (пайыз) чендерди ийкемдүү кармоо маанилүү. Анткени бул коомдогу каражат сактоо менен инвестициянын ортосундагы тең салмакты камсыз кылат.

Эгер сактоолор көбөйсө, экономикалык күчтөр пайыздык ченди төмөндөтөт, бул болсо каражат сактоого болгон кызыгууну азайтат. Анткени классикалык теорияда пайыз сактоонун бир бөлүгү болуп эсептелет. Ошондой эле айлык акыларды ийкемдүү кармоо — мамлекеттин же салттуу жөнгө салуулар аркылуу кийлигишүүсүз жүргүзүү — жумушсуздукту азайтууга жардам берет, себеби ал эмгек акыны төмөндөтүү жолу менен жумушсуздукту чектөөгө өбөлгө түзөт.[3]

**Салттуу каржы түшүнүгүнүн каржылык негиздери: мамлекеттик чыгымдар**

Салттуу каржы түшүнүгүндө мамлекеттик каржынын чөйрөсү таза каржылык максат менен гана чектелет. Тактап айтканда, бул мамлекеттик чыгымдарды жабуу үчүн жалпы кирешелерди топтоо. Бул мамлекеттик чыгымдардын жүгүн элге калыс түрдө бөлүштүрүү зарыл[4] деп эсептелет. Башкача айтканда, ар бир адамдын курмандыгы башкалардыкына барабар болушу керек.

---

[1] Др. Хусейн Умар, мурда аталган эмгек, 573-бет.

[2] Др. Абдул-Карим Садик Баракат жана др. Хамид Абдул-Мажид Драз, Жалпы экономиканын негиздери, Шабаб аль-Жамиа басма үйү, Александрия, 1972-жыл, 210-бет.

[3] Др. Адил Фалих аль-Али, мурда аталган эмгек (Коомдук каржы экономикасы), 47-бет.

[4] Др. Абдул-Карим Садик Баракат жана др. Хамид Абдул-Мажид Драз, мурда аталган эмгек (Жалпы экономиканын негиздери), 437-бет.

Жалпы жүктүн идеясы салттуу каржы түшүнүгүндө мамлекет жарандарга камсыз кылган коопсуздуктун акысы катары каралат. Мамлекеттик чыгымдар мүмкүн болушунча аз болушу шарт, анткени мамлекет башкарууда натыйжасыз деп эсептелет, ал эми жеке адам кызмат көрсөтүүдө жана өндүрүш жүргүзүүдө мамлекетке караганда ылайыктуу деп саналат.

Салттуу каржы түшүнүгү киреше эмес, биринчи кезекте мамлекеттик чыгымдарды баалоого жана бекитүүгө артыкчылык берген. Бул чыгымдар жалпы кирешелердин көлөмүн аныктайт дегенди түшүндүрөт. Бул принципти колдонууга мамлекеттин кеңири киреше топтоо мүмкүнчүлүгү жана анын чыгымдарынын аздыгы жардам берген. Анткени мамлекеттин ролу ички жана сырткы коопсуздукту камсыз кылуу[1] жана жарандар жасай албаган же жасоодон баш тарткан айрым долбоорлорду ишке ашыруу менен чектелген.

**Бюджеттин тең салмактуулугу принциби:**

Салттуу каржы түшүнүгүндө бул принцип мамлекеттин чыгымдарынын кадимки кирешелери менен тең болушун билдирет. Тең салмакка чыгымдардын туруктуу жана үзгүлтүксүз түрдө салык түшүүлөрү менен теңештирүү аркылуу жетишилет. Бул принцип бардык шарттарда жетүүгө тийиш болгон максат болуп саналат. Ал мамлекеттик каражаттарды ачык-айкын башкаруунун куралы катары кызмат кылат, мамлекеттин ишмердүүлүгүнүн кеңейишине жана элге кошумча жүк жүктөөгө чектөө болуп, мамлекеттин каржы системасына ишенимди жана тең салмактуулукту камсыз кылууга, ошондой эле экономикалык жана акча туруктуулугун сактоого жана өндүрүштү көбөйтүүгө өбөлгө түзөт.[2]

Ал эми жаңы нак акча чыгарууга келсек, салттуу каржы түшүнүгү муну кабыл албайт. Анткени бул инфляцияга алып келет.[3] Себеби ал керектөө чыгымдарын каржылоо үчүн колдонулуп, рынокко кошумча акча массасын киргизет, бирок ошол кошумча акчага барабар көлөмдө товар жана кызмат көрсөтүүлөр көбөйбөйт. Натыйжада, баалар инфляциялык өсүшкө дуушар болот.

Ошондуктан, салттуу каржы түшүнүгүндө бюджеттеги тартыштыктан жана аны карыз алуу же жаңы акча чыгаруу менен жабуудан баш тартуу зарыл деп эсептелет. Ошондой эле, бюджетте

[1] Др. Адил Фалих аль-Али, мурда аталган эмгек (Коомдук каржы экономикасы), 49-бет.
[2] Др. Абдул-Карим Садик Баракат, мурда аталган эмге 366-бет.
[3] Др. Адил Фалих аль-Али, мурда аталган эмгек (Коомдук каржы экономикасы), 51-бет.

кирешенин чыгымдан ашып кетишине (профицитке) да каршы чыгышат. Бул — акчанын өз нугунда эркин айланышын токтотуп, аны камап, өндүрүш менен коомдун жыргалчылыгын арттыруучу инвестициялык мүмкүнчүлүктөрдү чектейт дегенди билдирет. Ошондуктан мамлекет тең салмактуулук принцибин урматтоого жана аны ар кандай шартта, кандай чыгым болбосун, сактоого милдеттүү.

**Салттуу каржы түшүнүктөгү салыктар:**

Салттуу агымдын өкүлдөрү салык сактоолорго терс таасир тийгизбеши керек, тескерисинче, аны көбөйтүшү зарыл деп баса белгилешкен. Ошондуктан салыктын ставкасы төмөн болушу керек. Ушуга байланыштуу салттуу каржы түшүнүгү керектөөгө салыктарды артык көрөт, анткени алар сактоолордун көбөйүшүнө өбөлгө түзөт.[1]

Эң зыяндуу салык болуп, кирешеге же капиталга салынган салык эсептелет. Анткени капиталга салык салуу анын акырындап азайышына алып келет. Салттуу каржы түшүнүгүндө салык жөн гана каржылык курал болуп, ал эл арасындагы каржылык жүктү бөлүштүрүү үчүн колдонулат, бирок анын эч кандай экономикалык же социалдык максаты болбойт. Ошондуктан бул теория түз салыкка караганда кыйыр салыктарды, башкача айтканда, сактоого салынган салыктарга караганда керектөөгө болгон салыктарды артык көрөт.[2]

Салыктын максаты мүмкүн болушунча аз өлчөмдө мамлекеттик чыгымдарды каржылоо үчүн гана киреше алуу болушу керек жана салык рыноктун табигый жүрүшүнө тоскоолдук кылбашы шарт. Башкача айтканда, салык төлөөчүлөрдүн базардагы абалына таасир этпеши зарыл. Бул салык нейтралдуулук принциби деп аталат.[3]

Бул принцип «күзөтчү мамлекеттин» ролу менен тыгыз байланыштуу. Салттуу каржы түшүнүгүндө мамлекеттин функциялары так чектелген жана андан ашууга болбойт. Эгер ашып кетсе, бул анын нейтралдуулугун бузуу, орунсуз кийлигишүү жана жалпы кызыкчылыкка зыян келтирүү катары каралат.

**Салттуу теория боюнча жыйынтык:**

Салттуу каржы түшүнүгү — бул салттуу экономикалык теориянын чагылдырылышы. Ал теория мамлекеттин коомдун экономикалык турмушундагы ар кандай ролун четке каккан. Натыйжада, мамлекеттик

[1] Др. Абдул-Жалил Хувайди, мурда аталган эмгек (Ислам шариатындагы коомдук каржынын негиздери), 28-бет.

[2] Др. Адел Фалих аль-Али, мурда аталган эмгек (Коомдук каржы экономикасы), 52-бет.

[3] Абдул-Карим Садик Баракат, мурдагы эмгек, 62-бет

бюджеттин эч кандай экономикалык же социалдык мааниси болбой, анын максаты таза каржылык жак менен гана чектелет.

Ошондуктан бул түшүнүк мамлекеттик чыгымдарды мамлекеттик кирешелерге караганда артыкчылыктуу деп эсептеген, бюджетти кыскартууну жана тең салмактуулукту камсыздоону баса белгилеген. Ошондой эле, сактоого салыктарга караганда керектөөгө салыктарды артык көргөн жана салык нейтралдуулугу принцибин бекем кармаган.

Салттуу капитализм олуттуу сыноолорго туш болгон. XVIII, XIX жана XX кылымдарда капиталисттик дүйнө көптөгөн экономикалык кризистерди баштан өткөргөн. Мисалы, Англияда 1788, 1793, 1810, 1819, 1825-жылдары кризистер болуп өткөн. Ошондой эле АКШда, Германияда, Францияда жана башка Европа мамлекеттеринде да кризистер болгон. Андан кийин да кризистер 1857, 1859, 1866, 1873-жылдары уланган.

Бирок салттуу капитализм үчүн эң чоң сыноо — бул 1929-жылдагы дүйнөлүк каржы кризиси болгон. Бул кризис Биринчи дүйнөлүк согуштун натыйжасы катары келип чыгып, капиталисттик экономиканы катуу чайпап, өндүрүш каражаттарын кыйратып, массалык жумушсуздукту жараткан. АКШда башталган бул кризис Россия менен Япониядан башка бардык капиталисттик өлкөлөргө жайылган. Анткени Советтер Союзунда социалисттер 1928–1932-жылдардагы биринчи беш жылдык планды ишке ашыруу менен экономикасын туруктуулук жана тез өсүү жолуна багыттап жатышкан.[1]

Бул кризис дүйнөнүн бардык жеринде баалардын түшүшүнө, өндүрүштүн токтошуна, массалык жумушсуздукка, банкротко жана акча наркынын төмөндөшүнө алып келген. Ал өндүрүштү жана алмашууну уюштурууда терең өзгөрүүлөрдү шарттаган. Бул кризис жөн гана убактылуу ашыкча өндүрүштөн же ар жетиден он жылга чейин кайталанган экономикалык солгундоодон келип чыккан кыска мөөнөттүү кризис эмес эле. Тескерисинче, ал салттуу капитализм системасынын негиздерине жана анын баштапкы принциптерине сокку урган, системалык кризис болгон.[2]

Ошондуктан, капиталисттик түзүмдүн кыйрашын алдын алуу үчүн мамлекеттин кийлигишүүсүнүн зарылдыгы тууралуу пикирлер пайда

[1] Др. Махмуд Мухаммад аль-Хабиб, Кейнс теориясы, Басра университетинин «Мыйзам жана экономика» журналынын негизинде даярдалган илимий макала, Дар ат-Тыбаа аль-Хадиса басмасы, Басра, 1970-жыл, 64-бет.

[2] Жозеф Лажужи, Экономикалык системалар, Гассан Шадид тарабынан которулган, Аль-Маншураат аль-Арабия басмасы, басылма датасы көрсөтүлгөн эмес, 62–78-беттер.

боло баштаган. Бул пикирлер финансы жана экономикалык саясаттын багытын өзгөртүп, мамлекеттин ролун күчөтүүгө алып келген жана мамлекеттик каржынын экономикалык жана социалдык ролу бекемделген. Бул дүйнөлүк кризистин натыйжасында кризистин оор кесепеттерине каршы туруу жана капиталисттик системаны толук кыйроодон сактап калуу үчүн мамлекеттин кийлигишүүсүн талап кылган үндөр күчөгөн.

Мамлекетти өндүрүш процессине катышууга мажбур кылган себептердин бири — эгер экономика өз нугунда өз алдынча калтырылса, ал туруктуу боло албайт деген түшүнүк болгон. Эркин атаандаштык эч кандай жөнгө салуусуз автоматтык түрдө иштебейт.[1] Мындан тышкары, салттуу мектептин мыйзамдары киреше жана байлыкты адилеттүү бөлүштүрүүнү камсыз кыла албайт. Капиталисттик өсүү жолу коомдук теңсиздикти курчутат.

Ошондой эле, мамлекеттик чыгымдардын көлөмүнүн көбөйүшү жана мазмунунун өзгөрүшү жаңы каржы булактарын издөөгө түрткү берген. Согуштар чыгымдардын көбөйүшүнө, анын артынан салык жана карыздардын көбөйүшүнө алып келген. Согуш чыгымдары киреше жана мураска прогрессивдүү салык салуунун кеңири көлөмдө колдонулушун шарттап, салыкты жана карыздарды социалдык максаттар үчүн пайдаланууга жол ачкан.[2]

Салттуу теория бул кризиске каршы туруу боюнча чара көрө албай, кризистен чыгуу үчүн эч кандай чечим сунуштай алган эмес. Натыйжада, өткөн кылымдын отузунчу жылдарында жаңы Кейнс теориясы пайда болгон. Бул теория мамлекеттин экономикалык турмуштагы активдүү катышуусун, ролун күчөтүүнү жана нейтралдуулуктан баш тартууну талап кылган.

Ошентип, жаңы заманбап каржы түшүнүгүнүн же «аралашуучу мамлекет» теориясынын этабы башталган. Бул маселе кийинки экинчи бөлүмдө каралат.

## Экинчи бөлүм

## Заманбап капиталисттик түшүнүк «аралашуучу мамлекет» теориясы

Заманбап каржы түшүнүгүндө мамлекеттин экономикага кийлигишүүсү, анын ролун өнүктүрүү жана салттуу теория 1929-жылга чейин негиздеген нейтралдуулуктан баш тартуу зарыл деп каралат.

---

[1] Жон Стретчи, Заманбап капитализм, Омар ад-Дирауи тарабынан которулган, 1-басылыш, Дар ат-Талия басмасы, Бейрут, 1964-жыл, 37-бет.

[2] Др. Рифат аль-Махжуб, Экономикалык негиздер, 37-бет; др. Адимл Фалих аль-Алинин эмгегинен алынган.

Анткени экономикалык тең салмак автоматтык түрдө пайда боло албайт.

Заманбап экономисттер мамлекеттин кийлигишүүсүнүн зарылдыгын моюнга алышканы менен, бул кийлигишүүнүн көлөмү боюнча пикирлери ар кыл болгон. Айрымдары — алардын башында Кейнс турган — мамлекет экономикадагы белгилүү бир тармактарга кийлигишип, калган ишмердүүлүктү багыттоочу ролду аткарышы керек деп эсептеген. Бул үчүн мамлекеттин колунда финансылык жана экономикалык каражаттар бар.

Башкалары болсо каржылык пландоону жана мамлекеттин ролун кеңейтүүнү жактап, өндүрүш каражаттарына чейин мамлекет ээлик кылышы керек, ошентип улуттук экономиканы толугу менен — өндүрүштөн керектөөгө чейин — башкаруусу зарыл деп эсептешкен. Булар социализмди жактагандар.[1]

Ошондуктан биз алгач заманбап Кейнс теориясы жөнүндө, андан кийин социалисттик түзүмдөгү каржы түшүнүгү жөнүндө сөз кылабыз.

**Биринчиден: Кейнс теориясы**

Жон Мейнард Кейнс (1883–1946-ж.) капитализм акыркы баскычына киргенде өзүнүн баштапкы атаандаштык мүнөзүн жоготконун жана ал өз алдынча же автоматтык түрдө жөнгө салынуучу система боло албай турганын көрсөттү. Ошондуктан аны көзөмөлдөө жана аң-сезимдүү башкаруу зарыл деп эсептеген.[2]

Кейнс «көрүнбөгөн кол» идеясын жокко чыгарып, экономикалык тең салмакты камсыз кылуу үчүн мамлекеттин экономикага кийлигишүүсү зарыл экенин баса белгилеген. Кейнс теориясынын каржылык негиздерин түшүнүү үчүн анын гипотезаларын карап чыгуу зарыл.

Кейнс салттуу теорияга үч негизги маселеде каршы чыккан:[3]

1. Жалпы тең салмак автоматтык түрдө, өкмөттүн экономикалык ишмердүүлүккө кийлигишүүсүсүз эле пайда болот деген пикирге.
2. Сунуш өз алдынча же автоматтык түрдө өндүрүштүн бардык факторлорун толук иш менен камсыз кылган эң жогорку деңгээлде тең салмакты камсыз кыла алат деген пикирге.
3. Акча экономикалык процесстерде нейтралдуу фактор болуп саналат жана өзү эч кандай таасир тийгизбейт деген пикирге.

Кейнстин экономикалык теориясы капиталисттик пикирлөө дүйнөсүндө чоң революция жасаган жана 1929-жылдагы кризиске

[1] Хишам Мухаммад Сафуат аль-Умари, Коомдук каржы экономикасы жана каржылык саясат, 2-том, 2-басылыш, Университет басмаканасы, Багдад, 1988-жыл, 442-бет.

[2] Жон Стретчи, мурда аталган эмгек (Заманбап капитализм), 303-бет.

[3] Др. Махмуд Мухаммад аль-Хабиб, мурда аталган эмгек, 3-бет.

каршы күрөшүүдө өз ролун аткарган. Ал кризисти чечүүгө чамасы жетпеген салттуу теорияны четке каккан.

Заманбап каржы түшүнүгүнүн же «аралашуучу» каржынын негиздери төмөнкүлөр:

**Биринчи негиз: мамлекеттин экономикалык ишмердүүлүктөгү ролу**

Салттуу жана заманбап экономикалык теориялардын ортосундагы айырмачылыктардын натыйжасында каржы түшүнүгү да өзгөргөн. Салттуу теориянын ийгиликсиздиги жана алсыздыгы мамлекеттин экономикага кийлигишүүсүн зарыл кылган. Ошентип, мамлекеттик бюджет жана анын инструменттери т.а. кирешелер жана чыгымдар чоң мааниге ээ боло баштаган.

Мамлекет бардык экономикалык тармактарда активдүү рол ойной баштаган. Өндүрүштү уюштуруу мурдагыдай жеке демилгеге гана калтырылбаган. Өкмөттөр акырындык менен экономикага кийлигише башташкан, алар эмгек шарттарын жөнгө салуу менен гана чектелбестен, бааларды, пайыздык чендерди, чийки заттарды бөлүштүрүүнү жана өндүрүштү да жөнгө сала башташкан.

Мамлекеттер айрым экономикалык кызматтарды жана негизги тармактарды башкаруу үчүн[1] жеке демилгени алмаштыруудан тартынган эмес.

Базар механизми жана баалар ресурстарды толук иш менен камсыз кылуу максатына жетүүдө алсыз болуп чыккандан кийин, ошондой эле өндүрүүчүлөр менен керектөөчүлөрдүн жеке чечимдери бул максатка жетүүгө жарабай калгандыктан, мамлекеттин кийлигишүүсү зарыл болгон. Мамлекет өзүнүн каржылык саясатын колдонуу менен иш жүзүндөгү суроо-талапты экономикалык кырдаалга жараша көтөрүү же түшүрүү аркылуу экономикага таасир кылуусуна зарылчылык болгон.[2]

Мамлекет өзүнүн чыгым жана салык саясаты аркылуу иш жүзүндөгү суроо-талаптагы теңсиздиктерди жөнгө салып, экономикалык тең салмактуулукту камсыз кыла алат. Эгерде иш жүзүндөгү суроо-талап төмөндөп кетсе, анда мамлекет бул төмөндөөнү мамлекеттик чыгымдарды көбөйтүү жана салыктарды азайтуу жолу менен компенсациялайт.[3] Бул чаралар суроо-талапты толук иш менен камсыз кылуу деңгээлине чейин көтөрүүгө багытталат.

---

[1] Жозеф Лажужи, мурда аталган эмгек 63-бет.

[2] Др. Адил Фалих аль-Али, мурда аталган эмгек (Коомдук каржы экономикасы), 66-бет.

[3] Др. Мухаммад Абдул-Муним Абдул-Кадир Афар, мурда аталган эмгек (Ислам экономикалык системасы), 177-бет.

Ал эми эгерде иш жүзүндөгү суроо-талап толук иш менен камсыз кылуу деңгээлинен ашып кетсе (инфляция абалында), анда мамлекет чыгымдарды кыскартып, салыктарды көбөйтөт. Ошондуктан мамлекеттин нейтралдуу бойдон калышы, салттуу теория каалагандай, мындан ары мүмкүн болбой калган. Мына ушинтип «аралашуучу капитализм» салттуу капитализмдин ордун басты.

**Экинчи негиз: мамлекеттик бюджеттин тең салмагын эмес, жалпы экономикалык тең салмакты камсыз кылуу**

Салттуу теория эсептик жактан бюджеттин тең салмагына — башкача айтканда, мамлекеттик кирешелер менен чыгымдардын тең болушуна — басым жасаган. Ал каржылык маселелерди коомдун экономикалык турмушунан бөлүп караган жана бюджеттин тең салмагын каржы саясатынын негизги максаты катары белгилеген. Мамлекет нейтралдуу бойдон калышы керек болгондуктан, карыз алуу жана жаңы акча чыгаруу каралбайт деп эсептелген.[1] Бирок кризистердин чыгышы жана ошол шарттардын натыйжасында салттуу теориянын кыйрашынан кийин экономикалык тең салмак автоматтык түрдө камсыз кылынбай турганы айкын болгон. Натыйжада, жалпы улуттук экономикалык тең салмак жана каржы тең салмагы мамлекеттин негизги максаттарынын бири болуп калган.

Кейнстин тажрыйбасы көрсөткөндөй, каржы саясаты бул экономикалык тең салмакты камсыз кылуу үчүн колдонулуучу курал. Экономика ар дайым толук иш менен камсыз кылуу деңгээлинде тең салмакта боло бербейт, суроо-талап кээде төмөндөп кетет (мисалы, солгундап калуу абалында). Ошондуктан мамлекет бюджеттин тең салмактуулугу идеясынын ордуна чыгымдарды кирешелерден ашыруу жолу менен атайын тартыштык жаратып, бул тартыштыкты мамлекеттик карыз алуу же жаңы акча чыгаруу аркылуу жаап, толук иш менен камсыз кылуу тең салмагына жетүүгө умтулушу керек.[2] Бул солгундап калуу абалында колдонулуучу ыкма.

Ал эми инфляция учурунда, башкача айтканда, иш жүзүндөгү суроо-талап толук иш менен камсыз кылуу деңгээлинен жогору болуп кеткен учурда мамлекет бюджетте профицит жаратуу үчүн кирешелерди көбөйтүүгө, чыгымдарды азайтууга же экөөнү тең колдонууга кайрылат. Мунун максаты тең салмактуулукту камсыз кылуу.

Экономиканын кайрадан ишке толук кандуу тартылышы, башкача айтканда, толук иш менен камсыз кылуу деңгээлине кайтышы, салык

---

[1] Др. Абдул-Карим Садик Баракат, мурда аталган эмгек (Жалпы экономиканын негиздери), 372–373-беттер.

[2] Др. Адил Фалих аль-Али, мурда аталган эмгек, 66-бет.

түшүүлөрдүн көбөйүшү же чыгымдардын кыскарышы аркылуу бюджеттин тең салмактуулугун калыбына келтирүүгө өбөлгө түзөт. Муну менен бюджет жана анын инструменттери — салык жана чыгымдар — жөн гана чыгымдарды жабуу үчүн киреше алуу куралдары болбой, кошумча милдет да жүктөлгөн. Экономикалык жактан толук иш менен камсыз кылуу тең салмагын камсыз кылуу; социалдык жактан туруктуулукту жана социалдык адилеттүүлүктү камсыз кылуу, улуттук кирешени бөлүштүрүү аркылуу жакыр катмарлардын жашоо деңгээлин жогорулатуу.

**Экинчиден: социалисттик түзүмдөгү каржы түшүнүгү**

Каржы түшүнүгүнүн өнүгүшү коомдун экономикалык пикирлөөсүнүн өнүгүшүнө жараша өзгөрөт. Ошондуктан, каржы түзүмү экономикалык жана социалдык түзүмдөргө ылайык өзгөрүп турат.

Белгилүү болгондой, каржы түшүнүгүндөгү бул өнүгүү «күзөтчү мамлекет» моделинен «аралашуучу мамлекет» моделине өткөн мамлекеттин ролунун өнүгүшү натыйжасы болуп эсептелет. Бирок бул өнүгүү ошону менен эле токтоп калган эмес. Мамлекеттин ролу жөн гана экономикалык жана социалдык тең салмактуулукту сактаган аралашуучу функциядан ашып, өндүрүүчү жана бөлүштүрүүчү функцияны да камтыган, башкача айтканда, мамлекет экономикалык план боюнча өндүрүш жана бөлүштүрүү процесстерин түздөн-түз өзү жүргүзгөн деңгээлге жеткен.

Каржы түзүмүндөгү негизги айырмачылыктар капитализм менен социализмдин ортосундагы экономикалык жана саясий түзүмдөрдүн айырмачылыгынан келип чыгат. Ошондой эле бул айырмачылык ар бир мамлекеттин (социалисттик же капиталисттик) мүнөзүнөн жана функциясынан да көз каранды.

Социалисттик экономикалык түзүм эки негизги тирекке таянат:[1]

**1- Өндүрүш каражаттары жаатында коомдук (умумий) мүлк**

Социалисттик экономикалык түзүм өндүрүш каражаттары жаатында умумий мүлк негизинде курулат. Бул жеке менчикти жоюу жана өндүрүш каражаттарына ээлик кылган таптын үстөмдүгүн жок кылуу аркылуу ишке ашырылат.

Умумий мүлк калктын жумушчу катмарларынын, башкача айтканда, жумушчу таптын үстөмдүгүнүн экономикалык негизи болуп кызмат кылат. Мунун максаты — эч ким эч кимди эксплуатация кылбаган, жаңы социалдык мамилелер үстөмдүк кылган экономикалык түзүмдү түзүү.

[1] Др. Абдул-Карим Садик Баракат, мурда аталган эмгек, 450-бет.

Социалисттик түзүмдө мүлктүн түрлөрү ар түрдүү болушу мүмкүн: мамлекеттик мүлк (мамлекеттик сектор), коомдук жана жеке мүлк.

Мындай абалдын натыйжасында, улуттук экономиканын негизги башкаруу ачкычтары мамлекеттин колунда болот. Социалисттик мамлекет жалпы өндүрүш, бөлүштүрүү жана керектөө процессин элдин жалпы муктаждыктарын канааттандыруу максатында пландап, жетектеп турат.

Мамлекет өзүнүн экономикалык функцияларын өндүрүш каражаттарына умумий мүлк негизинде ишке ашырат жана улуттук экономиканы өзүнүн экономикалык, саясий жана социалдык максаттарына ылайык координациялайт. Мунун баары калктын бардык катмарларынын бактылуу жашоосун камсыз кылууга багытталган.[1]

**2- Улуттук экономиканы уюштуруу жана борбордук пландоо**

Социалисттик мамлекеттерде улуттук экономика жалпылаштырылган экономикалык пландарга негизделип башкарылат. Бул пландар өндүрүштүн жана керектөөнүн өнүгүшүн аныктайт. Пландоо өлкөдөгү экономикалык жана социалдык ишмердүүлүктүн бардык багыттарын камтыйт жана бардык экономикалык жана башкаруучу органдарга тиешелүү. Ар бир экономикалык жана башкаруу бирдиги боюнча ресурстарды жана алардын пайдаланылышын алдын ала пландоо жүргүзүлөт. Мамлекеттик деңгээлде жалпы улуттук пландар болгондой эле, облустук пландар жана башка мекемелер үчүн тармактык пландар да бар.[2] Бул жалпы коомдук турмушту камтыган жана борбордон башкарылган пландоо болуп саналат. Борбордук пландоо — бул капиталдын топтолушунун деңгээлдерин жана экономикалык өсүш багыттарын аныктаган жалпы принциптерди борбордон көзөмөлдөө жана багыт берүү дегенди билдирет. Бул белгилүү бир мөөнөт ичинде коомдун бардык ресурстарын толук пайдаланып, белгилүү максаттарга жетүү үчүн экономикалык ишмердүүлүктү уюштуруунун ыкмасы.

Социалисттик мамлекеттер борбордук пландоо ыкмасы аркылуу экономикалык жана социалдык түзүмдө узак мөөнөттүү зарыл өзгөрүүлөрдү жүргүзүүнү, кирешелерди адилеттүү бөлүштүрүүнү, элге тең укуктуу мүмкүнчүлүктөрдү түзүүнү жана капиталдын экономикалык күч катары, ошондой эле мамлекеттик саясатка таасир этүүчү курал катары ролун чектөөнү максат кылышат.

[1] Др. Ахмад Мурад, Социалисттик өлкөлөрдөгү каржылык система, Маданият министрлигинин басмасы, Дамаск, 1973-жыл, 20-бет.

[2] Др. Ахмад Мурад, мурда аталган эмгек, 37-бет.

Өндүрүш каражаттарына умумий мүлк, борбордук пландоо жана мамлекеттин улуттук пландарга ылайык өндүрүштү жана бөлүштүрүүнү жүргүзүүсү мамлекеттин каржысын анын экономикасы менен тыгыз байланыштырган. Мамлекеттин каржысы өндүрүш жана бөлүштүрүү мамилелеринде, экономикалык процесстерде активдүү рол ойнойт. Ошентип, социалисттик мамлекетте мамлекеттин ролу жөн гана экономикалык жана социалдык тең салмактуулукту камсыз кылуу эмес, андан тышкары өндүрүштү жана бөлүштүрүүнү түздөн-түз жүргүзүү болуп калган. Ушунун негизинде социалисттик мамлекеттин каржы түзүмүнүн негиздери да өзгөчө болуп калган.

(уландысы бар…). ❑

## Трамп Нетаньяхудан «чабуулду дароо токтотууну талап кылды»

«Израилдин» «Иерусалим Пост» гезити маалымдагандай, АКШ президенти Дональд Трамптын «Израилдин» премьер-министри Биньямин Нетаньяху менен Иранга каршы ок атууну токтотуу боюнча сүйлөшүүсү оор өткөн. Булак билдиргендей, Трамп телефон аркылуу сүйлөшүүдө үнүн көтөрүп, Нетаньяхудан Иранга болгон чабуулду токтотууну талап кылган. Гезитке берген маалыматында Трамп абдан чыңалган абалда болуп, Нетаньяхудан «чабуулду дароо токтотууну» талап кылганын, ал эми Нетаньяху жооп кайтарууга мүмкүнчүлүк таппай, америкалык президентке ыраазычылык билдирүү менен гана чектелгенин айткан. Өз кезегинде Британиянын «Телеграф» гезити Трамп Нетаньяхуга өзгөчө катуу жана түз айтканын белгилеген.

**Аль-Ваъй:** бул яхудий вужуду баарын өзү чечет деген дооматтын негизсиз экенине кошумча далил болуп саналат. Анткени айрымдар бул вужуд Ак үйгө кайрылбастан каалаганын кыла алат дешет. Бирок бул окуядан Ак үй аны токтотууга кудуреттүү экени айкын болуп калды.

## CNN: АКШ соккулары Ирандын ядролук программасын кыйрата алган жок

«CNN» каналынын маалыматына ылайык, чалгын кызматынын алдын ала баалоосуна караганда, АКШнын Ирандагы үч ядролук объектиге жекшемби таңында жасаган соккулары Ирандын ядролук программасынын негизги элементтерин кыйрата алган эмес жана аны болгону бир нече айга артка жылдырган.

«CNN» үч булактан алган маалыматка таянып билдиргендей, бул баалоо Пентагондун чалгын кызматы болгон Коргоо чалгын агенттигинен алынган жана соккулардан кийин АКШнын Борбордук командачылыгы жүргүзгөн анализге негизделген.

Эки булактын маалыматына караганда, Ирандын байытылган уран запасы жок кылынган эмес, ал эми бир булак билдиргендей, алардын центрифугалары дээрлик жабыркаган эмес. «Демек, (агенттиктин) баалоосуна ылайык, АКШ аларды эң көп дегенде бир нече айга гана артка жылдырган».

**Аль-Ваъй:** эгер бул маалымат туура болсо, анда АКШнын Иранга жасаган соккуларынын максаты Ирандын ядролук программасын кыйратуу эмес, тескерисинче, Иранга каршы согуш ачып, туңгуюкта калган яхудий вужудун бул абалдан чыгаруу үчүн жасалган демонстрациялык операция болгону ырасталат. Анткени Ирандын ракеталары ага олуттуу зыян келтирип, ал эми согуштан олуттуу жана

пайдалуу натыйжалар алынбай калгандыктан, «Израил» бул согуштан чыгуу сценарийине муктаж болуп калган.

## Хизбуллах: Биз нейтралдуу эмеспиз жана өзүбүз туура көргөндөй аракет кылабыз

Яхудий вужуду менен Ирандын тиреши башталганына бир жума болгондо Ливандагы Иран партиясынын баш катчысы Наим Касим бейшемби күнү партия «учурдагы окуяларда өзү туура көргөндөй аракет кылаарын» жарыялады.

Касимдин билдирүүсүндө партия бул жаңжал боюнча «нейтралдуу эмес» экенин белгилеп, мындай деди: «Биз бул Америка-«Израил» зомбулугуна каршы өзүбүз туура көргөндөй аракет кылуудабыз».

Бул позиция АКШнын Сирия боюнча атайын өкүлү Томас Барак Бейруттан эскерткенден кийин жарыяланды. Ал Хизбуллахтын Иран-«Израил» согушуна кийлигишүүсү «өтө жаман чечим» болот деп билдирген.

Америкалык бир отчетто мурда Ирандын эң күчтүү союздашы деп эсептелген бул партия «Израилдин» чабуулунан бери бир да ракета атпаганы белгиленген.

**Аль-Ваъй:** Хизбуллах дүйнө жана акыретин тең жоготту. Алар акыретин Сириядагы мусулмандардын канына малынып жоготсо, дүйнөсүн болсо аскерий жана жетекчилик күчтөрү талкаланып, коркоктук кылуу чечимин кабыл алгандан кийин жоготту.

## Душмандын маалымат каражаттары: коргонуу чыгымдарынын кескин өсүшү жалпы бюджетке оорчулук салды

«Израил» маалымат каражаттарынын кабарына ылайык, баскынчы вужуддун Ирандагы объекттерге жасаган аба соккусу өкмөттү болжол менен 1,5 миллиард доллар чыгымга учуратты. Бул учурда өлкө каржылык кысымдын күчөшүн жана коргонуу бюджети боюнча кризисти башынан өткөрүүдө.

Баяндамаларда коргонуу чыгымдарынын кескин өсүшү жалпы бюджетке чоң оорчулук жаратканы, натыйжада өкмөт 2025-жылга белгиленген бюджеттик чекти бузууга аргасыз болгону айтылат. Бул чектин 2024-жылы төрт жолу бузулганын эске алсак, учурдагы коопсуздук кырдаалынын курчушу менен каржылык туруктуулуктун чабалдыгы ачык көрүнүп турат.

**Аль-Ваъй:** экономикалык көрсөткүчтөр режимдер менен өкмөттөрдүн туруштук берүүсүндө же кулашында эң маанилүү факторлордун бири болуп саналат. Бул фактор яхудий вужудуна дагы

да өзгөчө күчтүү таасир кылат. Бул жагдайды Аллах Тааланын бул аяты эң жакшы сүрөттөгөн:

{ إِنَّ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ يُنفِقُونَ أَمۡوَٰلَهُمۡ لِيَصُدُّواْ عَن سَبِيلِ ٱللَّهِۚ فَسَيُنفِقُونَهَا ثُمَّ تَكُونُ عَلَيۡهِمۡ حَسۡرَةٗ ثُمَّ يُغۡلَبُونَۗ وَٱلَّذِينَ كَفَرُوٓاْ إِلَىٰ جَهَنَّمَ يُحۡشَرُونَ}

***«Акыйкатта, кафирлер өздөрүнүн мал-мүлкүн адамдарды Аллахтын жолунан тосуу үчүн жумшашат. Алар сарпташат. Анан анысы өкүнүчкө айланат. Андан соң жеңилүүгө дуушар болушат. Ал эми кафирлер тозокко чогултулат».*** (Анфал: 36).

## Ливан армиясынын бөлүгү Бейруттун чет жакасына кирип, имаратты тинтти

Ливандагы ок атышууну токтотуу келишимин көзөмөлдөгөн беш тараптуу комитеттин өтүнүчү боюнча, бүгүн шаршемби күнү Ливан армиясынын бөлүгү Бейруттун түштүк чет жакасындагы «Сент-Терез» аймагына кирип, ал жерде бир имаратты текшерди. Бул имаратка алар кечээ да киришкен болчу, бирок бул жолу алар казуу иштерин жүргүзүү үчүн экскoватор да алып келишти деп билдирди «Аль-Арабия/Аль-Хадас» телеканалынын кабарчысы.

Мурун Ливандын аскерий өкүлү билдиргендей, армия Бейруттун түштүк чет жакасы Аль-Хизбуллахтын калк жыш жайгашкан чөлкөмүндө бир имаратты тинтүүнү беш тараптуу комитеттин талабы менен кечээ баштаган.

**Аль-Ваъй:** Иран партиясы өзүнүн кепинин даярдоо менен гана чектелбестен, өзүнүн көрүн да казып, акыркы бийин да уюштурду. Бүгүнкү күндө «беш тараптуу комитет» буйрук берип, тыюу салып жатат. Бул «беш тараптуу комитет» ким? Ал — Ливан армиясы (аткаруучу), баскынчы вужуддун армиясы (буйрук берүүчү), Америка Кошмо Штаттары (тыюу салуучу), Франция жана ЮНИФИЛ (күбөлөр).

